63.3 Кырг
Ж 79.

Жолдошов Ч.М.

# ТАРЫХ ТАБЕРИКТЕРИ



63.3 кыр
Ж 79
471770
Жолдошев Ч.
Тарых табериктери
10с

63.3 кыр
Ж 79

БИРИККЕН УЛУТТАРДЫН БИЛИМ БЕРҮҮ, ИЛИМ ЖАНА МАДАНИЯТ БОЮНЧА УЮМУ (ЮНЕСКО)

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЮНЕСКО ИШТЕРИ БОЮНЧА УЛУТТУК КОМИССИЯСЫ

"ТАРЫХЫЙ-МАДАНИЙ ИЗИЛДӨӨЛӨРГӨ ЖАНА ДЕМИЛГЕЛЕРГЕ КӨМӨКТӨШҮҮ БОРБОРУ" КООМДУК ФОНДУ

**ЖОЛДОШОВ Ч. М.**

# ТАРЫХ ТАБЕРИКТЕРИ

ОШСКАЯ ОБЛАСТНАЯ БИБЛИОТЕКА
ИНВ №....471770......
т к

Ош- 2011

Токтогул Сатылганов атындагы Ош облустук китепкана
МАДАНИЯТ, ИСКУССТВО БӨЛҮМҮ

УДК 94(47)
ББК 63.3(2Ки)
Ж 97

Редакторлор: *т.и.к. Аманбаева Б.Э.*
*т.и.к. Табалдиев К.Ш.*
Тех. редактор: *т.и.к. Адилбаев Ж.А.*

**Ж 97** Жолдошов Чынарбек Маматович
**Тарых табериктери. –Ош: 2011, 72 бет.**

Китепчеде Ош облусунун аймагында жайгашкан археологиялык эстеликтер жөнүндө кыскача маалыматтар камтылган. Ата-бабаларыбыздан калган мурастарыбызды сактоо жана тарыхыбызды сыйлоо маселелери көтөрүлгөн.

Мектеп окуучуларына, мугалимдерге жана тарыхый-маданий мурастарга кызыккан жергиликтүү окурмандарга арналат.

**ISBN 978-9967-12-134-8**

ЮНЕСКО тарабынан каржыланган долбоордун алкагында чыгарылды.

Китепчени чыгаруу идеясынын ээси жана долбоордун жетекчиси М. К. Тагаев.

Акысыз таркатылат.

**Ж 0503030911-11**
**ISBN 978-9967-12-134-8**

**УДК 94(47)**
**ББК 63.3(2Ки)**
**© Жолдошев Ч.М. 2011**

# МАЗМУНУ

***Археология эстеликтери, алардын түрлөрү жана мааниси.........4***

***Тарыхый доорлор жана жергебиздеги археологиялык эстеликтер жөнүндө баяндама...13***

***Ата баба мурастарын сактоого байланыштуу көйгөйлүү маселелер. Жаңы эстелик табылган кезде эмне кылуу керек?.........31***

***Ош обулусундагы археологиялык эстеликтердин тизмеси.........44***

***Археологиялык кээ бир терминдердин түшүндүрмөсү.........51***

***Сунуш кылынган адабияттардын тизмеси.......54***

## Археология эстеликтери, алардын түрлөрү жана мааниси

Мындан кырк үч жыл мурда Республикабыздагы белгилүү илимпоз-археолог Петр Никитович Кожемяко Кыргызстандагы байыркы тарыхый-маданий мурастар жана аларды коргоонун зарылдыгы жөнүндө мазмуну абдан кызыктуу жана баалуу китепче жазып кеңири журтка тартуу кылган болчу. Арадан аз эмес убакыт өттү, бирок ал киши өз эмгегинде козгогон маселелер али да абдан көйгөйлүү жана актуалдуу бойдон калып келүүдө. Өткөн кылымдын 90-жылдарынан кийинки мезгилдерде Республикабыз кабылган оор социалдык-экономикалык кризистин айынан жаралган күнүмдүк турмуш-тиричиликтин көйгөйлөрү менен алпурушуп жатып байыркы бабаларыбыздан калган көптөгөн тарыхый мурастардан кол жуудук. Элибиздин байыркы тарыхын үйрөнүүдө баа жеткис илимий маалыматтарды берүүсү мүмкүн болгон ондогон археологиялык эстеликтер талкаланды. Бул көрүнүш улана берсе, орду толгус жоготуулардын саны дагы да көбөйүп, келечекки муундар биздин азыркы мезгилдеги кайдыгерлигибизди эч качан кечире албоочу кырдаал түзүлүүсү мүмкүн. Ушул жана башка алдыда өзгөчө токтолуучу жагдайларды эске алып жогоруда аты аталган устатыбыздын эмгегинде камтылган маселелерге кайрадан кайрылууну, ал айткан ойлорду азыркы күндүн шартына жана мүмкүнчүлүгүбүзгө жараша толуктап айыл калкына, өзгөчө жаш муундарга сунуш кылууну чечтик.

Элибиздин байыркы жана орто кылымдардагы тарыхын бабаларыбыз калтырып кеткен археологиялык эстеликтер - шаарлардын жана кыштактардын урандылары, дөбөлөр, көрүстөндөр, турмуш-тиричилик буюмдары, аска-таш беттериндеги сүрөттөр менен жазуулар, тоо-кен иштетилген жайлар, балбал таштар жана башкалар аркылуу таанып-билебиз. Алар *археология эстеликтери* деп аталышып, жалпы элибизге, мамлекетибизге таандык тарыхый-маданий мурастардын ажырагыс бөлүгү болуп саналат. Аларды жердин астынан да, үстүнөн да жолуктурууга болот. Жер астында жаткан эстеликтер бир кыйла арбын, анткени ар кандай окуяларга (согуштар, жаратылыш кырсыктары, массалык эпидемиялар ж.б.) байланыштуу байыркы шаар-кыштактардын көбү кээде талкаланып, кээде өрттөлүп жашоочулары тарабынан калтырылып кеткендиктен, узак мезгилдердин өтүүсү менен көпчүлүгү көмүлүп жер астында калган. Күнөстүү Ош жергесинде адамзаттын байыркы мезгилдерден берки басып өткөн жолун далилдүү тааныта турган ар түркүн археологиялык эстеликтер кездешет. Бабаларыбыз жер шартына ылайык дыйканчылык, мал чарбачылык, аңчылык менен алектенишип, өз турмуш-тиричиликтерине байланыштуу ар түркүн мурастарды калтырып кетишкен, аларды таанып-билип тегибизди таныйбыз, басып өткөн жолун үйрөнүп, сабак алабыз. Биздин милдет - бул таберик мурастарды сактоо жана кийинки муундарыбызга өткөрүп берүү болуп эсептелет.

Төмөндө ушул мурастарды изилдеп үйрөнгөн археология илими жөнүндө кыскача сөз кылып, археология эстеликтеринин биз үчүн маанисине токтололу.

Археология -грек тилинин *–архайос -байыркы* жана *логос -илим* деген эки сөзүнүн биригүүсүнөн келип чыккан жана адамзаттын байыркы тарыхын изилдөөчү илим болуп

эсептелет. Жазуу пайда болгонго чейинки доорлорду археологиялык эстеликтерди изилдөө аркылуу алынган маалыматтардын жардамы менен билип үйрөнөбүз. Археология илими ата-бабаларыбыздын басып өткөн жолун сакталган материалдык эстеликтер аркылуу баяндап берет. Археологиялык эстеликтердин биздин жергебизде көп кездешүүчү түрлөрүнө төмөнкүлөр кирет:

*Байыркы тургун-жайлар, шаар-кыштактардын урандылары.* Байыркы мезгилдерде адамдар жашоо үчүн көпчүлүк учурларда табийгый үңкүрлөрдү, жашоого ыңгайлуу тоо арасындагы капчыгайларды пайдаланышкан, алардын кээлеринде адамдар кыска гана убакыт, кээлеринде көптөгөн жылдар бою жашашып алар илимде *тургун жайлар* деп аталышат. Үңкүрлөрдө жана башка тургун жайларда археологиялык изилдөө жүргүзүлгөндө көбүнчө ошол доордо адамдар тарабынан колдонулган таш куралдар, аңчылыкта олжо болгон жаныбарлардын сөөктөрү табылат. Бул табылгалар аркылуу курал жасоо ыкмаларын, кайсыл жаныбарларга аңчылык кылышкандыгын жана байыркы мезгилде ал аймакта кандай жаныбарлардын түрү жашагандыгын билүүгө болот. Кийинки доорлорго тиешелүү курулуштардын калдыктарынан үй куруу, жасалгалоо, ташты, кирпичти кынап тизүү ыкмалары тууралуу маалыматтар алынат. Биз көп мезгилден бери өзүбүздү көчмөн калктардын урпактарыбыз деп эсептеп келгенбиз, бирок кийинки изилдөөлөрдө жергебиздин аймагында эл туруктуу жашаган кыштактардын, шаарчалардын жана сепил-коргондор сыяктуу архитектуралык эстеликтердин урандылары көп кездешип жатат. Бул эстеликтер байыркы мезгилдерде, өзгөчө орто кылымдарда, жергебизде турак-



жай, шаар курулушу өркүндөгөндүгүнүн, элибизге байыртан эле отурукташкан калк маданияты да мүнөздүү экендигинин далили болуп эсептелет. Ал эми ар бир турак-жайды, шаар-кыштактардын урандыларын кылдат изилдөөдө табылган сөөктөн, таштан, металлдан жасалган илгерки мезгилдеги турмуш-тиричилик буюмдары, эмгек жана согуш куралдары, кооздук азем буюмдарынын түрлөрү илим үчүн өзгөчө баалуу болуп, ата-бабаларыбыздын ошол убактагы жашоо турмушу, болуп өткөн окуялар жана коомдогу социалдык-экономикалык мамилелер тууралуу маалыматтарды берет.

Турак-жай эстеликтерине жакын жерлерде байыркы жана орто кылымдарда жашап өткөн бабаларыбыздын *өндүрүш ишмердүүлүгүн чагылдырган* – кол өнөрчүлүк ишканалары, чопо идиштерин жасоочу, кирпич бышыруучу устаканалар, темир жана жез эриткен мештер кездешет. Аталган эстеликтерди изилдөө менен жергебиздеги кол өнөрчүлүктүн ар кыл тармагынын өнүгүшү тууралуу кызыктуу маалыматтарды алабыз. Орто кылымдарга тиешелүү жазма маалыматтарда Алай, Чаткал тоо кыркаларынын этектеринде, жалпы эле Фергана өрөөнүндө сымап, алтын, күмүш, жез, коргошун, туз кендерин ошол мезгилдерде өндүрүшкөндүгү айтылат. Акыркы мезгилдерде археологдор тарабынан байыркы кен казган жерлер ачылып, металлдан буюм жасоо өнөрчүлүгү боюнча жаңы илимий ачылыштар элибиздин байыркы тарыхы жөнүндөгү маалыматтарды толуктап жатат.

Археологиялык эстеликтердин дагы бир маанилүү түрүнө *аска-таш беттериндеги сүрөттөр* кирет. Алардын илимий аталышы-петроглифтер. Петроглиф деген сөз

грекгин эки сөзүнөн туруп (*petros - таш, glyphe- кесүү*) аска-таш бетиндеги сүрөт-чиймелер деген түшүнүктү берет. Жергебизде байыркы таш доорунан баштап XIX кылымга чейинки аска-таш беттериндеги петроглифтер кездешет.

Учтуу таш же темир курал менен сай таштардын беттерине жана аска боорлоруна тартылган сүрөттөр байыркы сүрөтчүлөрдүн дүйнө таанымын чагылдырган чыгармалары экендиги талаш туудурбайт, ошондуктан алар өздөрүнүн турмушун, ой-толгоосун, көз-караштарын таш бетине түшүрүлгөн сүрөттөр аркылуу билдиришкен деп кабыл алсак болот.

Аска-таштарда байыркы таш, коло, эрте темир доорлорунда чегилип тартылган топ эчкилердин жана өгүздөрдүн, жылкылардын жана бугулардын, тоолордун жана асмандагы ай, күн, жылдыздардын сүрөттөрүн кездештирүүгө болот. Аларга улай аңчылык, дыйканчылык жана ырым-жырымдар жөнүндө кабар берүүчү сүрөттөр да жолугат.

Өткөн тарыхыбызды изилдеп үйрөнүүдө *көрүстөндөр* да тарых илими үчүн өтө баалуу маалыматтарды бере алат. Мүрзөдөгү маркумдардын баш сөөктөрүн изилдөө аркылуу алардын кайсыл расага тиешелүү экендиктерин, башка аймактагы мүрзө эстеликтеринен табылган сөөктөргө салыштырып олтуруп алардын өзгөчөлүктөрүн, кайсыл жерден көчүп келишкендиктерин, башка элдер менен болгон карым-катнашын билүүгө болот. Сөөк калдыктары аркылуу элдин орточо жашы, байыркы оорулар жана башка демографиялык мүнөздөгү маалыматтарды билүүгө болот.

Ислам дини кабыл алынганга чейинки мезгилге тиешелүү мүрзөлөргө коюлган маркумдун сөөгүнүн жанына



көпчүлүк учурда курал-жарагын, тамак-ашын жайгаштырышкан, себеби адам баласы көз жумгандан кийин тиги дүйнөдө жашоосун кайра улантып буюмдарын колдонот деген түшүнүк болгон. Мүрзөлөрдүн көлөмдөрүнө, маркум менен кошо коюлган турмуш тиричилик буюмдарынын санына жана сапатына жараша маркумдун коомдогу социалдык абалын, башкача айтканда “бай” же “кедей” адам болгондугун ажыратууга болот. Мисалы, бай деп эсептелген маркумдун сөөгүнүн жанынан көп сандагы ар түрдүү чопо идиштер, үй турмушунда жана жоокерчилик учурунда колдонулуучу буюм-тайымдар, курал-жарактар жолугат, жарды көрүстөндөн болсо көпчүлүк учурда бир-эки гана чопо идишин, жөнөкөй турмуш-тиричилик буюмдарын жолуктурууга болот.

Байыркы эстеликтердин дагы бир түрү - *балбалдар*. Балбал таштар Кыргызстан жергесинде кийинки мезгилдерде кыргыз эли менен толук аралашып кеткен,убагында көчмөн түрк урууларынын империясын түзгөн калктар аркылуу биздин замандын VI-кылымынан тартып тараган. Балбал таштар курман болгон жоокерлердин элесине арналып орнотулган. Биз азыркы күндө аларды таш балбал же айкел деп ар түрдүүчө атайбыз. Ал эми өз кезегинде бабаларыбыз «бедиз» деп аташкан экен. «Бедиз»деген аталыш «скулыптура» деген түшүнүккө жакын. Демек, бедизчи деген байыркы сөз азыркы скульптор, айкелчи түшүнүгүн берет. Бедиздер биздин Алай, Өзгөн, Кара -Кулжа жергелеринде көп учурайт. Төрт чарчысынан келген кырынан коюлган таштан курулган коргончонун бир тарабына балбал орнотулуп диний ырым-жырымдар аткарылып турган. Жүрө-жүрө мындай жерлер ата-

бабалардын арбагына сыйына турган ыйык жайларга айланган. Бүгүнкү күндө балбал таштар орто кылымдардагы Кыргызстандын тарыхын, маданиятын таанып билүүдө манилүү булак катары кызмат кылып келүүдө. Алар аркылуу түркий калктардын жашаган аймактары, расалык өзгөчөлүктөрү, кийим-кечеги, куралдары, кооздуктары, көркөм өнөрү жөнүндө маалымат алса болот.

Жергебизде жүздөгөн *жазуулар* (илимий аталышы-*эпиграфика* эстеликтери) табылып орто кылымдарда жазуу маданияты өнүккөндүгү, бабаларыбыздын сабаттуулугу жөнүндө кабар берет. Таштагы жазуулардын мазмуну көбүн эсе диний мааниде болуп, адамдардын ысымдары, жер аттары, айыл-кыштактар, шаарлар тууралуу маалыматтарды камтыйт. Бул эстеликтер аларды калтырган элдин жазма маданиятын окуп үйрөнүү үчүн да өтө маанилүү. Кыргызстанда согд, байыркы түрк, кыргыз (орхон-энисей), уйгур, тибет, араб тилдериндеги жазуу эстеликтери кездешет. Тоо -таш арасында жүргөндө көз сала жүрүңүздөр, анткени ар бир жаңы табылган таштагы жазуу эл-жерибиздин тарыхын жана маданиятын окуп үйрөнүү үчүн абдан маанилүү маалыматты берүүсү мүмкүн.

Археологиялык эстеликтер менен таанышуу учурунда жергиликтүү тургундар тарабынан көп берилүүчү суроолордун бири эстеликтердин жашы, кайсыл доорлорго тиешелүүлүгү жөнүндөгү маселе... Маектештерибиз «...силер эстеликтин жана андан табылган буюмдардын кайсыл доорго таандык экендиктерин кантип аныктайсыңар?»-деп сурашат. Археологиялык эстеликтин жашы (кайсыл доорго таандык экендиги) эки жол менен аныкталат. Биринчиси, салыштыруу аркылуу аныктоо ыкмасы, экинчиси



лабораториялык изилдөө аркылуу аныктоо. Мисалы, турак жайды казууда тыйын чыкса, ал тыйындын бетинде жазылган жыл эстеликтин жашын аныктоо үчүн пайдаланылат. Ошондой эле тарыхый жазма булактагы маалыматка салыштыруу аркылуу аныкталат. Мисалы, жазма булактарда орто кылымдардагы түрк тилдүү калктардын көбү маркум жоокерге арнап балбал (бедиз, айкел) орнотушкан деп айтылат. Бул салт ислам дини тараганга чейин уланган. Демек, балбалдар түрк каганаты негизделген 552-жылдан тартып 960-жылы караханийлер мамлекети тарабынан ислам дини мамлекеттик дин катары расмий кабыл алынган мезгилдерге чейинки аралыкка таандык. Экинчиси, эстеликтин так жашын аныктоодо колдонулуучу лабораториялык жол. Мында радиоуглероддук ыкма пайдаланылат: археолог табылган органикалык затты лабораторияга берет. Изилдөөчүлөр археолог тарабынан берилген үлгү зат аркылуу бир кездеги тирүү организм качан жашоосун токтоткон деген суроого жооп издейт. Казууда табылган жаныбарлардын сөөктөрү, өсүмдүктөрдүн калдыктары аркылуу эстеликтин жашы аныкталат. Ошол эле катмарда табылган буюмдардын жашы бири-бирине байланыштырылып кийин ошол жашы аныкталган эстеликке карап башка турмуш-тиричилик буюмдарынын, турак-жайлардын жашы аныкталат. Ушундай ыкма менен бүтүндөй бир доорго мүнөздүү чопо идиштеринин, курал жарактардын, ат-жабдыктарынын, кооздук буюмдарынын кайсыл убакка тиешелүүлүгү аныкталган. Мисалы, сактар доорундагы колодон жасалган жаа жебелери кийинки мезгилдеги темирден жасалган жаа жебелерине окшошпойт. Ошол эле доордогу чопо идиштер орто кылымдардагы чопо

идиштеринен өзгөчөлөнүп турат. Дагы бир жөнөкөй мисал: жыйырманчы кылымдын башында жасалган кол саат менен жыйырма биринчи кылымдын башында жасалган кол саат, мурдагы беш атар мылтык менен кийин чыккан автомат бири-биринен кескин айырмаланып тургандай эле I-IV-кылымдарда жасалган курал-жарактар, чопо буюмдар менен орто кылымда жасалган курал-жарактар жана чопо буюмдары бири-биринен айырмаланып турат. Ушул сыяктуу салыштыруулар аркылуу эстеликтин кайсыл доорго тиешелүү экендиги аныкталат. Археологиялык изилдөөлөрдө эстеликтин доорун, жашын аныктоонун мындай ыкмалары 150 жылдан бери улам сапаттуу жолдорду өздөштүрүп өнүгүп келе жатат.

Мына ошентип археологиялык эстеликтердин түрлөрү, алардын элибиздин байыртадан берки бай тарыхын, маданиятын изилдеп үйрөнүүдөгү мааниси тууралуу кеп козгодук. Эгерде биз жалпы журтубуз менен археология эстеликтерин, б.а. айыл-кыштактардын арасында, эгин талааларынын чектеринде, тоолуу өрөөндөрдө, кыскасы жергебиздин баардык аймактарында көзгө чоң-кичине дөбө жана дөбөчөлөр, аска таштардын беттериндеги чиймелер түрүндө гана чалдыккан, бирок илим үчүн өтө баалуу маалыматтарды бере алчу мурастарды жакшы сактасак, кадырласак тарыхыбыз дагы байыйт жана тереңдейт.



## Тарыхый доорлор жана жергебиздеги археологиялык эстеликтер жөнүндө баяндама

Биз жергиликтүү эл менен жолугуп, археологиялык эстеликтер жөнүндө пикир алышуу учурунда тарых жана археология илиминде адистер тарабынан пайдаланылып жүргөн аталыштар, мисалы доорлордун аталыштары, аларга тиешелүү биздин жергебиздеги эстеликтер жөнүндө да көп суроолорду беришет. Ошол себептен китепченин мазмунунда камтылган маалыматтар окурмандарга толугураак түшүнүктүү болсун үчүн адамзат басып өткөн тарыхый доорлор жана жергебиздеги ар кандай доорлорго тиешелүү археологиялык эстеликтер туралуу маселелерге кененирээк токтоло кетели.

Тарых илиминде адамзат колдонгон эмгек куралдарынын жана башка турмуш-тиричилик буюмдарынын кандай материалдан жасалгандыгына жана колдонулушуна жараша тарыхты таш, коло, темир доору деп бөлүштүрүү кабыл алынган. Демек, адамзат өз турмуш-тиричилигинде колдонгон буюмдарын, курал жабдыктарын таш доорунда негизинен ташты, коло доорунда колону, темир доорунда темирди көбүрөөк пайдалануу менен жасаган.

*Таш доору* бүткүл адамзат тарыхындагы эң узакка созулган мезгилди камтып, мындан 2,6 млн. жыл мурда башталган. Бул доордо эмгек жана согуш куралдары негизинен таштан, сөөктөн, жыгачтан жасалып, адамдар негизинен аңчылык, жер-жемиш терүү менен жан багышчу.

Таш доорунун акыркы мезгилдеринде таштан, сөөктөн, жыгачтан жасалган турмуш-тиричилик жана согуш куралдары бир кыйла жакшырып, жапайы айбандардын көбүлөрү (кой, уй, жылкы, ит) колго үйрөтүлө баштаган. Дыйканчылык менен мал чарбачылык бир кыйла өнүгүп,

адамдар кездеме токууну, карапа идиштерин жасоону үйрөнүшкөн жана жалпы менчикке, коллективдүү эмгекке негизделген уруулук жамаат пайда болгон.

Бул доорго тиешелүү тургун-жайлар көбүн эсе алыскы бийик тоолордо жана алардын боорлорундагы үңкүрлөрдө, дарыялардын киши жетүүсү бир кыйла татаал жээктеринде, капчыгайларда жайланышкандыктан, аларды табуу, изилдөө иштери бир топ кыйынчылыктарды туудурат. Ошондуктан өз кичи мекенин коён жатагына чейин билген жергиликтүү атуулдар мындай жайларды байкап калышса, тезирээк адистерге кабар жеткирүүсү өтө маанилүү. Анткени эстелик адистер тарабынан изилденсе илим үчүн баалуу маалыматтарды алууга мүмкүнчүлүк пайда болот. Ош облусунун, жалпы эле Түштүк Кыргызстандын аймагында таш дооруна тиешелүү эстеликтер ондоп саналат. Тажикстандагы Лахути тургун жайы деп аталган жерден табылган таш куралдарын изилдөөдөн келип чыккан жыйынтыктарга таянып, окумуштуулар Борбордук Азия аймагын эң байыркы адамдар мындан 800 миң жыл мурда байырлай башташкан деп айтылчу. Ал эми жакынкы эле мезгилде Баткен облусунун Айдаркен шаарчасынын чет жакасындагы Сел-Үңкүрдөн табылган таш куралдар, адамдардын жана жаныбарлардын сөөктөрү мындан кеминде 1 миллион жыл илгери эле адам баласы бул аймакта турмуш-тиричилигин жүргүзгөндүгүн тастыктады. Эми Борбордук Азиядагы эң байыркы адам изи Кыргызстандагы Сел-Үңкүрдөн табылган деп расмий жарыялана баштады. Сыймыктана турган маалымат. Келечекте бул пикир дагы толукталаары талаш туудурбайт. Ал эми Алай тоо кыркаларында жайгашкан Кожо -Бакырган -Сай капчыгайында 200-300 миң жыл илгери жашаган адамдардын таш куралдары табылган. Кадамжайдагы Капчыгай эстелигинин аймагынан жер жайнаган



чабындыларды (таштан курал жасалып жаткандагы калдыктар) кездештирүүгө болот. Араван айылынан анча алыс эмес жерде, Чил -Устун тоосунун батыш этегинде жайгашкан Сасык-Үңкүр тургун жайында 1967-1968-жылдары археолог В.А. Рановдун жетекчилиги астында жүргүзүлгөн археологиялык казуу иштеринин жүрүшүндө б.з.ч. 10 -7-миң жылдыктарга таандык күйгөн сөөктөрдүн калдыгы жана таштан жасалган эки кыргыч курал табылган. Таш доорунун кийинки мезгилдерине таандык, таштын катуу, демек узак убакытка чейин кызмат кыла алчу түрүнөн жасалган бир нече эмгек куралдары Ош шаарындагы Сулайман-Тоосунда жайгашкан «Бүркүттөр үңкүрү» деп аталган үңкүрдөн табылган. Учурда бул үңкүрдө «Сулайман-Тоо» улуттук тарыхый-археологиялык музей-комплексинин экспозициясы орун алган. Ушундай эле табылгалар Алай өрөөнүндөгү Көк-Суу жана Кара-Шыбак дарыяларынын жээктеринен, Кадамжайдагы Үй-Таш капчыгайынан кездешет. Тоолуу жергебизде сапаттуу курал жасоого ыңгайлуу таш тектери көп учурагандыктан, байыркы адамдар аларды пайдаланып курал жасоону үйрөнүшкөн, алгачкы тоо-кен ишине жол салышкан. Жогоруда сөз кылынган табылгалар байыркы таш доорунда адамдар Ош аймагынын дээрлик баардык булуң-бурчтарында жашагандыгы жөнүндө кабар берип, көп сандаган али ачыла элек эстеликтер өз изилдөөчүлөрүн күтүп жаткандыгына далил боло алат.

Биздин заманга чейинки III миң жылдыктан I миң жылдыктын башталышына чейинки мезгилди *коло доору* деп атайбыз. Бул доордо турмуш-тиричилик жана согуш куралдары, кооздук-жасалгалар жана зергер буюмдарынын басымдуу бөлүгү колодон жасала баштаган. Коло жез менен калайды кошуп эритүүдөн алынып, курамынын 90 пайызын жез, 10 пайызын калай түзгөн. Жезден колого өтүү процесси

адамзат коомунда маанилүү өзгөрүүлөргө алып келген. Колонун эрүү температурасы төмөн болгондуктан ($700-900^0$), эритмени калыпка куюп буюм жасоо жеңил, ташка салыштырмалуу колодон жасалган шаймандардын сапаты алда канча жогору болуп, адамзаттын негизги кесиби болгон аңчылыктан жана дыйканчылыктан кыйла жогорку натыйжалар алына баштаган. Уруулар арасындагы согуштар күч алган мезгилде кимдин куралы курч, бышык болсо, ошол уруу жеңишке жетишкен, башкача айтканда, көп учурларда коло менен куралданган уруулар согушта жеңип чыгышкан. Бул доордо Евразия чөлкөмү боюнча көптөгөн жаныбарлар колго үйрөтүлүп бүткөн. Ошентип, адамдардын жашоо шарты жакшырып, өнүгүү процесси мурунку мезгилге салыштырмалуу ылдам жүргөн. Өндүрүштүн өнүгүүсү менен бирге коомдун жик-жикке бөлүнүүсүнүн алгачкы элементтери байкала баштап, кул ээлөөчүлүк түзүлүш пайда болгон. Ушул мезгилден тарта элдер туруктуу жашаган алгачкы кыштакчалар пайда болгон.

Бул доорго тиешелүү мүрзөлөрдү изилдөө аркылуу ошол кездеги элдин маркумду жерге койуу салтын, дүйнөгө болгон көз караштарын, турмуш тиричилигин, чарбачылыгын жана маданиятын талдоо үчүн көп жактуу маалыматтар алынат. Мындан сырткары маркумдардын сөөктөрүн изилдөөнүн натыйжасында алардын жынысы, жашы, тирүү кезиндеги социалдык абалы, элдин сандык жана сапаттык абалы изилденет.

Коло дооруна тиешелүү эстеликтер биздин өлкөнүн аймагында шарттуу түрдө эки археологиялык маданиятка, башкача айтканда андагы уруулардын турмуш-тиричилик өзгөчөлүктөрүнө карап андрон жана чуст маданиятына таандык болуп бөлүнөт. Андрон маданиятына тиешелүү уруулардын чарбачылыгынын негизин малчылык түзсө, чуст



маданиятына тиешелүү уруулар негизинен дыйканчылык менен алектенишкен.

Андрон маданиятына тиешелүү эстеликтер негизинен Кыргызстандын түндүк аймактарында кездешет, түштүктө Чуст маданиятынын эстеликтери басымдуулук кылат. Өлкөбүздүн ар кайсыл чөлкөмдөрүндө жашаган бабаларыбыз байыртан эле өз ара тыгыз катнашта болгондугуна Ысык Көл аймагында Чуст маданиятына тиешелүү чопо буюмдарынын, Түштүктүн Алай районунда болсо андрон маданиятына тиешелүү айлдардын кооздук буюмдарынын табылышы далил боло алат.

Коло дооруна тиешелүү көпчүлүк эстеликтер дыйканчылыкка ыңгайлуу келген, сууга мол аймактарда жайгашкан. Ош облусунда коло доорунун 50 дөн ашуун эстеликтери белгилүү. Байкоолор жана изилдөөлөр көргөзгөндөй бул доордо чакан аймактагы кожолуктар биригип кыштакчаларды түзүшүп, кыштакчалар сыртынан кыштан жана пахсадан тургузулган дубалдар менен курчала баштаган. Кара -Суу аймагында Отуз-Адыр эстеликтер тобуна кирген 28 ге жакын кыштакча болуп, азыркы Отуз Адыр айыл округунун карамагындагы Кожомбак айылынын чет жакасында бир нече дөбө түрүндө сакталып калган байыркы эстелик бул чөлкөмдүн борбору болгондугу аныкталган. Бул кыштакча Талдык суусунун байыркы нугунун боюнда жайгашып 4гектарга жакын аянтты ээлейт. 1976-жылы археолог Ю.А. Заднепровский ушул кыштакчанын составына кирген эки дөбөдө изилдөө жүргүзгөн кезде бир дөбөдөн 4 -5 бөлмөлүү үйдүн калдыгы, ичинде эгин сактоочу оролору бар короонун бир бөлүгү ачылган. Өзгөн аймагында болсо бул доорго таандык 15 тен ашык эстелик белгилүү, алардын ичинен Кара -Дарыянын жана анын куймаларынын жээктеринде топ-топ болуп



ОШСКАЯ
ОБЛАСТНАЯ БИБЛИОТЕКА
Инв №. 471770

жайгашкан Чымбай, Кара-Кочкор, Дыйкан тургун жай эстеликтери изилденген.

Изилдөөлөрдүн жүрүшүндө табылган материалдарга карaганда коло доорунда турак жай куруу, жер иштетүү маданияты,чоподон жана колодон турмуш-тиричилик буюмдарын жасоо өнөрчүлүгү кыйла өнүккөн.

Дыйканчылыктын өнүгүшүнө эл отурукташкан аймактын физикалык-географиялык шарттары - өздөштүрүүгө ыңгайлуу айдоо аянттары, жагымдуу климат жана сугат сууларынын мол болуусу өбөлгө болгон. Жер иштетүүдө таштан жасалган кетмендерди колдонушса, дан өсүмдүктөрүнөн ун даярдоо үчүн сүйрү формадагы таш жаргылчыктар пайдаланылган. Изилденген турак-жайлардын көпчүлүгүндө тамак-аш азыктарын жана өндүрүлгөн түшүмдү сактоо үчүн атайын оролор (чуңкурчалар) табылып, алардын кээлеринин дубалдары ылай менен шыбалгандыгы аныкталган. Бул эстеликтердин аймагынан колодон жасалган буюмдар менен катар таштан кылдат жасалган оректор, бычактар да көп кездешет. Кездеме токуу өнөрү да өздөштүрүлө баштагандыгын чоподон жасалган ийик баштар жана чопо идиштеринин тулкусуна түшүп калган кездеме издери далилдеп турат. Коло дооруна тиешелүү чоподон жасалган идиштер ар түрдүүлүгү, саны жана көркөмдөө үчүн идиштердин тулкусуна кара боек менен үч бурчтук сымал түшүрүлгөн сүрөттөр аркылуу өзгөчөлөнүп, кээде жандыктардын элестери түшүрүлгөн идиштер да кездешет. Түзүлүшү жана көлөмү менен бири биринен айырмаланып турган чопо идиштеринин 30 дан ашуун түрү белгилүү, алардын ичинде- тамак-аш азыктары үчүн жасалган кичине жана орто көлөмдөгү карапалар, казандар, дан азыктарын сактоо үчүн пайдаланылган сыйымдуулугу өтө жогору карапа идиштери - хумдар бар. Алардын көбү сапаттуу, текши бышырылып,



кылдат жасалгандыгы бул доордо жашаган адамдардын турмуш тиричилиги ыңгайлуу өнүттө жүрүп олтурганынан кабар берип турат.

Кээ бир учурларда, кокусунан табылган эстеликтер тарых илими үчүн өтө маанилүү жаңылыктарды алып келет. Алардын бири азыркы Ош шаарынын аймагында табылган коло дооруна тиешелүү, кийинчерээк бүт дүйнөгө «Коло доорундагы Ош кыштакчасы»деген аталышта белгилүү болгон кыштакча болуп эсептелет: 1975-1976-жылдары Сулайман тоосундагы үңкүргө карай автоунаа жолун куруу учурунда көрүнө калып жаткан чопо идиштеринин сыныктарын облустук музейдин кызматкери Елена Васильевна Дружинина топтоп жүрүп, табылгалар менен өзүнүн устаты Санкт -Петербургдук окумуштуу-археолог, профессор Ю.А. Заднепровскийди тааныштырат, окумуштуу тоонун түштүк-чыгыш капталында байыркы эстелик жайланышкандыгына ынанат. Бул жерде археологиялык казуулар 1978-жылдан 1984-жылга чейин жогоруда аталган илимпоздун жетекчилиги астында жүргүзүлүп 2 гектардан ашуун аянт изилденет. Натыйжада тоо боорунда тепкич сыктуу аянтчаларда ылдыйдан жогору карай тектирче түрүндө катар-катар курулган турак жайлардын калдыктары ачылып, бул турак-үйлөр жарым жертөлө түрүндө болгондугу, үстүңкү бөлүгүн кармап туруу үчүн жыгач устундар пайдаланылгандыгы, түбү ылай менен шыбалгандыгы аныкталган. Үйдүн ичинде жылытууга жана тамак бышырууга ыңгайлаштырылып жасалган очоктор менен дан эгиндеринен алынган түшүмдү сактоочу оролор (чуңкурлар) жайгашкан. Бул эстелик коло дооруна тиешелүү башка эстеликтерден коoздолгон чопо буюмдарынын көптүгү менен айырмаланып турат. Аларды күнүмдүк колдонулуучу ашкана идиш-аяктары жана ырым-жырымдарды,

салтанаттуу тамактануулардын өткөрүүдө колдонулуучу идиш-аяктар деп эки топко бөлсө болот.

Белгилүү окумуштуулардын пикири боюнча Ош кыштакчасы жөнөкөй эле адамдар жашоочу жай эмес, диний ырым-жырымдарды өткөрүүчү кыштакча же ушул аймакта жашаган уруулардын диний-идеологиялык борбору болгон. Сулайман Тоонун аймагындагы мазмуну күнгө, отко табынуу менен байланышкан ташка чегилген сүрөттөр ушул пикирдин чындыкка жакын экендигинен кабар берет. Ош кыштакчасы биздин заманга чейинки XV-IX кылымдарга таандык экендиги андан табылган органикалык заттар Санкт -Петербург шаарындагы лабораторинда изилденгенден кийин тастыкталып, кийинчерээк Ош шаарынын 3000 жылдык маарекесин белигилөөдө жана Сулайман Тоонун Дүйнөлүк мурастардын тизмесине катталуусунда негизги илимий далилдердин бири болуп кызмат кылды.

Ош облусунда коло дооруна таандык таш беттерине түшүрүлгөн сүрөттөр да арбын. Алар Алай өрөөнүндөгү Терген -Таш, Өзгөн тоолорундагы Суук -Дөбө, Байчечекей -Кыр, Каракулжа аймагындагы Кара -Жар, Ноокат районундагы Чили -Сай, Ош шаарындагы Сулайман-Тоодон ж.б.аймактардан кездешет.

Убакыттын өтүшү менен адамдар коло менен катар темир өндүрүүнү жана андан буюм жасоону үйрөнүшкөн. *Темир доору* биздин заманга чейинки VIII кылымдан башталып, темирдин кеңири таралышы адамзат коомунун андан аркы өнүгүшүнө абдан күчтүү түрткү берген. Темир рудасы эң жогорку ($1500^0$) температурада гана эригендиктен, мындай өзгөчөлүк темирдин адамдар тарабынан өздөштүрүлө башталышында өтө кыйынчылыктарды туудурган, ошого карабай темир акырындап эмгек куралдарын, турмуш-тиричилик буюмдарын жана согуштук курал-жабдыктарын жасоодо негизги материалга айланган.



Темир атүгүл кооздук буюмдарын жасоодо да колдонулуп, бир нече кылымдар бою абдан баалуу зат катары эсептелинип келген. Ошол эле учурда колодон буюм жасоо да улана берген. Темир доорунун алгачкы мезгилдерине тиешелүү Ош жергесиндеги эстеликтердин түрлөрү ошол кездеги коомдун социалдык-экономикалык өнүгүү деңгээлине жана өзгөчөлүктөрүнө салыштырмалуу бир нече түргө бөлүнөт, алар- б.з.ч. VIII-IV кылымдарга таандык эйлатан маданиятынын, б.з.ч. IV-I кылымдарга таандык Шоро -Башат маданиятынын жана биздин замандын I-IV кылымдарына таандык мархамат маданиятынын эстеликтери (археологиялык маданияттардын түшүндүрмөсү жөнүндө китепченин акыркы бөлүмчөсүнөн таанышa аласыздар).

Жергебизде изилденген эйлатан маданиятына таандык кыштактар түзүлүшү жана жайгашуу орду боюнча үч түрдүү болгондугу менен айырмаланат, биринчи тобу- бекем тургузулган чептер менен курчалган ири кыштактар, экинчиси-обочолонуп жайгашкан, сыртынан дубал менен курчалып бекемделген чоң турак жайлар, үчүнчүсү- жарым-жартылай бекемделген чакан турак жайлар. Турак жайларды изилдөө учурунда темир бычактар жана шибегелер, конус түрүндөгү ийик баштар, сүрмө таш жаргылчактар табылган. Эйлатан мезгилинде чопочу усталар идиш-аяк жасоо үчүн атайын ойлонуп табылган аспапты (айлантма чагырык сыяктуу) пайдалана баштагандыгы өз учурундагы чоң маданий жетишкендик болгон. Карапа идиштери адатта кызыл боек менен бойолуп кооздолгон. Маркумдардын сөөктөрүн кыштактардан четирээк, обочо жайгашкан көрүстөндөргө коюуу салты биротоло калыптанган.

Биздин заманга чейинки IV-I-кылымдарда, отурукташып дыйканчылык менен турмуш-тиричилик

өткөргөн бабаларыбызга таандык абдан маанилүү эстелик Өзгөн шаарынан 8км түндүк -батышта, Жазы дарыясынын оң жээгинде Шоро Башат айылына жакын жерде жайгашкан шаар калдыгы болуп эсептелет. Археологиялык изилдөөлөр көргөзгөндөй байыркы шаар 4 бөлүктөн туруп, аянты 70 гектарды түзгөн. Ортоңку бөлүгүндө орто кылымдарга тиешелүү курулуштардын да калдыгы жолугат. Шаар чыгыштан батышка карай узундугу 3 км, туурасы 38 м, бийиктиги 6 м. болгон дубал менен курчалган. Эстеликти изилдеген окумуштуу-археолог Ю.А.Заднепровскийдин пикири боюнча тарых илиминде «Шоро Башат шаар чалдыбары» деген аталышта белгилүү болгон бул эстелик байыркы кытай жазма булактарында эскерилген «Ю» шаарынын калдыгы болуусу толук мүмкүн. Колдо жана айлантма аспапта жасалган чопо идиштери ачык кызыл жошо менен бойолгондугу жана тулкусун айланта өсүмдүк сымал оймо-чиймелер менен кооздолгондугу менен өзгөчөлөнөт. Табылган буюмдардын арасында колодон жана темирден жасалган буюмдар, дан майдалоочу сүйрү таш жаргылчактар, ийик баштар арбын кездешет. Өзгөн аймагында ушул мезгилге таандык Кара -Дарыя суусун бойлой жайгашкан 70ке жакын кыштактардын жана шаарчалардын калдыктары ачылган. Алардын арасында Кара-Дарыя, Дөң -Булак, Кош -Булак, Кызыл -Октябрь эстеликтери бар. Кара -Суу районунун Савай айылынын четинде бул доорго таандык ири эстелик Айт-Дөбө шаар чалдыбары, Араван районунун Керки -Дөң кыштагына жакын жердеги Мыкты-Паша шаар чалдыбары болуп эсептелет. Ош шаарынын күн чыгыш тарабында жайгашкан ушул эле мезгилдерге таандык Мырзалым Дөбө эстелигин изилдөөдө 8 бөлмөдөн турган жалпы аянты 450 чарчы метр, төрт бурчтук түрүндө тургузулган, калыңдыгы 2 метр дубал менен курчалган имарат ачылган, бөлмөлөрдүн эң чоңунун



ортосунда диний ырым-жырымдарды жасап табынуучу очок орнотулгандыгы белгилүү болгон.

Шаарлар дыйканчылык аймактарынын так ортосунан орун алган, өз мезгилинде тегерете жарлуу аң менен курчалып, ондогон гектарга чейинки аянтты ээлешкен, бул шаар калдыктарынын кээлеринин цитадельдери (шаардын борбордук болугу), дарбаза бөлүктөрү азыркы күнгө чейин байкалып турат. Бул мезгилдерде шаарлардын бир бири менен биригүүсүнүн негизинде алгачкы мамлекеттер негизделген.

Изилдөөлөр көргөзгөндөй бул мезгилде Жазы (Яссы), Кара-Дарыя жана Отуз-Адыр өрөөндөрүндө эл бир топ жыш жайгашып, талааларга жасалма жол менен суу чыгырылып, эгин аянттары кеңейген. Жасалма сугатка негизделген дыйканчылыктын өнүккөндүгүнө Өзгөн районундагы Өзгөн-Арык күбө болуп турат, анын байыркы нугунун узундугу 37 километр, эң терең жери 2,5метр, эң кең жери 30метрди түзүп, бул аймактагы байыркы сугат системасына кирген каналдардын бири болуп эсептелет. Б.з.ч. III-I кылымдарда чабылган бул арык Кара-Кулжа суусунан башталып, адырларды жондоп чыгыштан батышты карай Өзгөн шаарын аралап жүрүп олтуруп Кызыл-Кырман кыштагынан өтүп барып бүтөт. Каналдын нугундагы жана жээктериндеги белгилер жана археологиялык табылгалар илгертен эле бул арык ылдыйкы зонада жайгашкан эгин талааларын суу менен камсыз кылып тургандыгын далилдеп турат.

Кийинки I-IV кылымдарда башкача айтканда мархамат маданиятына таандык мезгилдерде жергебизде жер иштетүү маданиятынын андан ары тереңдеп өнүгүүсү менен мүнөздөлөт. Бул мезгилдерде дыйканчылык менен тоолуу аймактарда жашаган калк да алектене баштап, кайрак жерлер да эгин себүү үчүн өздөштүрүлө баштаган. Дан эгиндеринин түшүмдүүлүгү жогорулаган. Ошол эле учурда

металл өндүрүү жана иштетүү, чоподон буюм жасоо өнөрү өркүндөгөн. Чопо идиштерин кооздоо үчүн алардын түлкүсүнө түшүрүлгөн геометриялык чиймелер менен бирге өсүмдүктөр жана жаныбарлардын (жылкы жана канаттуулар) сүрөттөрү да пайда боло баштаган. Жогоруда айтылып кеткен Шоро -Башат жана Мархамат маданияттары 600 жылдан ашык өкүм сүргөн Даван мамлекетине таандык. Бул мамлекет жөнүндө Кытай даректеринде баяндалып, дыйканчылыгы өнүккөн, 300 миңдей калкы, 70тен ашык шаарлары бар, тулпар жылкылардын тукуму өстүрүлгөн аймак катары сүрөттөлөт. Таптап багылган аргымактар аскердик жортуулдарда абдан бааланганДыктан, аларга ээ болуу максатында Хан императору Даван мамлекетине эки жолу согуштук жортуул уюштургандыгы кытай жазма булактарынан белгилүү. «Даван аргымактары» деген ат менен белгилүү болгон бул аргымактардын байыркы сүрөтчүлөр тарабынан устаттык менен чегилген 70тен ашык сүрөттөрүн Ош шаарынын чет жакасындагы Сүрөттүү -Таш тоосундагы аска -таш беттеринен жолуктурууга болот. Бул сүрөттөр жөнүндө жергиликтүү эл мурдатан эле билгендиги тоонун аталышынан эле көрүнүп турат, бирок илимий чөйрөгө болсо өткөн кылымдын 20-жылдарынын аягында мектеп окуучусу Г. Ажигиреев тарабынан «Ошко жакын Сүрөттүү-Таш аска таштарындагы байыркы сүрөттөр» деген темада макала жазылып жарыялангандан кийин белгилүү болгон. Он жыл өткөн соң белгилүү чыгыш таануучу, археолог М.Е.Массон Чоң Фергана каналынын курулушуна археологиялык көзөмөл салып жүрүп, ошол жарыяланган макаладагы кабар боюнча даңазалуу жылкылардын сүрөттөрүн өз көзү менен көрүү үчүн атайын келген. Ошол мезгилден азыркы күнгө чейин ташка чегилген бул сүрөттөр илимпоздордун көңүл борборунда болуп келе жатат. «Даван аргымактарынын»



элестерин Кызыл Кыя, Араван, Ноокат райондорунун аймактарындагы аска-таштардын беттеринен да жолуктурууга болот.

Жогоруда жергебиздин аймагында шаарлардын пайда боло баштаны жөнүндө учкай айтылган болчу, ушул мезгилдерге таандык шаар эстеликтерине Араван айылынын чет жакасында жайгашкан аянты 2 гектарга жакын Эски -Араван, Кара -Суу районунун Ак-Таш айыл өкмөтүнүн аймагында жайгашкан аянты 1,9 гектарды түзгөн Коргошун-Дөбө, Алай районунун Гүлчө айылынын четиндеги Гүлчө шаар урандылары кирет. Акыркы эки эстеликти өткөн кылымдын 40-жылдары дүйнөгө аты белгилүү илимпоз-археолог Александр Натанович Бернштам алгачкылардан болуп изилдеп, байыркы көрүнүшүнүн элесин божомолдуу калыбына келтирген (реконструкциялаган), алардын сүрөттөрү менен Сиздер ушул китепченин тиркемесинен тааныша аласыздар.

Жергебиздин тоолуу өрөөндөрүндө эстеликтердин өзгөчө тобу - сак жана усун урууларына таандык көрүстөндөр көздөшет. Чоң -Алай районунун Чак, Сары -Таш айылдарынын аймактарында, Сары -Таш айылынан Дароот Коргонго чейинки аралыкта, Алай районунун Гүлчө дарыясынын жээгинде, Нура суусу Кызыл Суога куйган аймакта, Жалпак -Дөбөдө кичине жана орто көлөмдөгү өндөгөн сак-усун көрүстөндөрү жолугат, алардын кээлери убагында изилденип илим үчүн абдан баалуу маалыматтар алынган. Мүрзөлөрдүн көлөмү, алардан табылган буюмдар бул мезгилдерде социалдык теңсиздиктин абдан курч түрдө өкүм сүрө баштаганын далилдеп турат. Археологиялык казууларда жыгач жана чопо идиштер, темирден жана колодон жасалган жебенин учтары, темир бычак, сөөктөн, колодон, күмүштөн жана алтындан жасалган кооздук буюмдар, жибек кездеменин калдыктары ж.б. табылган.

очогу,чарбалык курулуштары ачылган. Табылган археологиялык материалдар Ак-Буура шаарчасы V-VIII кылымдарда гүлдөп өнүгүп тургандыгынан кабар берет, ал эми VIII-кылымда душмандардын чабуулунан талкаланып өрттөлгөндүгүн ураган дубалдарынын жана курулуш жыгачтарынын күйгөн калдыктары далилдеп турат.

IX-XII-кылымдарда Ош кол өнөрчүлүктүн, сооданын ири борборуна жана Фергана өрөөнүндө чоңдугу жагынан үчүнчү ири шаарга айланган, ал араб жазма булактарында сүрөттөлгөндөй «... шахристан, рабат, цитадель...» сыяктуу бөлүктөрдөн туруп, шаарда тыйын басып чыгаруучу устакана болгон.

Орто кылымдардагы шаарлардын айланасы эки катар, айрым учурларда үч катар дубалдар менен курчалып, сырт жакты байкап туруу үчүн бийик мунаралар тургузулган, дубалдарынын сыртында суу толтурулган терең аңдар казылган. XI-кылымдан баштап шаарларда мечиттердин жана медреселердин имараттары көбөйө баштаган. Бул мезгилдеги кээ бир ири шаарлардын аттары бүгүнкү күнгө чейин сакталып келе жатат, алар- Мады (орто кылымдардагы Медва шаары), Өзгөн (орто кылымдарда-Узкент б.а.-өзүбүздүн шаарыбыз) жана Ош шаарлары. Шаар куруу маданияты караханийлер мамлекетинин тушунда жогорку деңгээлге жеткендигин Өзгөн шаарындагы үч күмбөздүн жана мунаранын имараттары көргөзүп турат. Батыш караханийлер мамлекетинин борбору болуп турган Өзгөн шаары кол өнөрчүлүк, соода-сатык өнүккөн жана тыйын акча чыгарып турган ири шаар жана саясий борбор болгон. Ошол кездеги шаардын аянты 12-15 чаарчы километрге жеткен. Бул мезгилде өнүгүүнүн туу чокусуна жеткен шаарлардын дээрлик баары Чыңгыз хандын жапырыгы убагында талкаланып, көптөгөн убакыттар



өткөндөн кийин гана кээлери кайра курулуп, кээлери эл жашаган чакан кыштактарга айланган.

Өлкөбүздүн бул мезгилдеги тарыхын изилдөөдө *ташка жазылган эстеликтери да* маанилүү орунда турат, алардын көпчүлүгүн маркумдардын мүрзөлөрүнүн үстүнө коюлуучу таштарга жазылган жазуулар (эпитафиялар) түзөт. Араб арибинде жазылган мындай эстеликтердин саны Республикабыз боюнча 300 дөн ашат, алардын жүздөйү [illegible]-Ноокат айылындагы Сахаба мазарында, сегизи Ошто, үчөө Өзгөндө катталган. Ошондой эле Алайкуунун Ителги-Уя деген жеринде аска бетине чегилген уйгур, Араван-Сай капчыгайында, Чил-Устун үңкүрүндө жана Сулайман-Тоодо араб арибиндеги жазуулар бар. Алайдын Туура-Бел деген жеринде перс тилинде жазылган ыр саптары табылган. Өткөн кылымдын 70-80 жылдары бул жазма эстеликтеринин көбү изилденип, жергебиздин орто кылымдардагы тарыхы жөнүндө кошумча баалуу маалыматтар алынды.

Археологиялык эстеликтердин ичинен бир кыйла кызыгууну кокустан табылган турмуш-тиричилик буюмдарынын жана тыйындардын *кенчтери* жаратат. Алардын көбү байыркы убактарда ээлери тарабынан убактынча жашырылып коюлуп, кандайдыр себептер менен кийин ошол бойдон калып кеткен. Катылган тыйындарды изилдөө аркылуу биз ошол мезгилдеги соода-экономикалык мамилелер тууралуу жана саясий тарыхтын кээ бир окуялары жөнүндө маалыматтарды ала алабыз.

Эмгек куралдарынын жана жасалга буюмдарынын кенчтери көпчүлүк учурда алмашуу же сатуу үчүн кол өнөрчүлөр тарабынан жасалган буюм - тайымдарын, кээде чебер кол өнөрчүнүн эмгек куралдарынан же баалуу буюмдарынан турат. Катылган кенчтер ата-бабаларыбыздын кол өнөрчүлүгүн, зергерчилик өндүрүшүн, экономикалык

абалын, идеологиялык түшүнүктөрүн изилдөөдө баалуу булак болуп эсептелет

Жогоруда айтылгандай, жергебизде адам баласынын басып өткөн тарыхынын баардык доорлоруна таандык эстеликтер бар. Бул эстеликтерди изилдеп, натыйжасын кеңири журтчулукка жана илимий коомчулукка жарыя кылууга илимпоз-археологдор А.Н. Бернштам, Ю.Д. Баруздин, А.Н. Кожемяко, Ю.А. Заднепровский, Е.В. Дружинина, В.А. Ранов, А.К. Абетеков, Д.Ф. Винник, Б.Э. Аманбаева, К.Ш. Табалдиев жана К.Ж. Малтаев сыяктуу илимпоздор чоң салымдарын кошушту. Алардын изилдөөлөрүнүн натыйжасында табылган археологиялык буюмдар Республикабыздын борборундагы жана жергебиздеги музейлерде сакталып, кеңири коомчулукка элибиздин байыркы жана орто кылымдардагы тарыхы, материалдык жана руханий маданияты жөнүндө баалуу маалыматтарды тартуулап келе жатат. Айрым табылгалар Россиянын бир катар шаарларында, анын ичинде дүйнөдөгү эң чоң музейлердин бири эсептелген Санк-Петербург шаарындагы Эрмитажда сакталуууда.



## Ата-баба мурастарын сактоого байланыштуу көйгөйлүү маселелер. Жаңы эстелик табылган кезде эмне кылуу керек?

Мамлекеттүүлүгүбүздүн мындан ары чыңдалуусунда, коомубуздун өнүгүүсүндө, өсүп келе жаткан муунду тарбиялоодо жана руханий жактан күч берип калыптандырууда жогоруда айтылган археология эстеликтеринин ролу баа жеткис. Алар адамзаттын али кат биле элек мезгилиндеги жана элибиздин драмалуу окуяларга бай байыркы тарыхын изилдөөдө бирден бир негизги булак катары кызмат кылат, анткени элибиздин тарыхый өнүгүү жараянына жана жашоо шартынын өзгөчөлүктөрүнө жараша жазма маданияты туруктуу түрдө мындан анча алыс эмес убакыттан баштап гана өнүгө баштагандыктан, элибиздин байыркы тарыхы чет элдик изилдөөчүлөрдүн эмгектерин жана каймана жазма булактарын гана пайдалануу менен жазылып, алиге чейин так жана ишенимдүү маалыматтар жокко эсе болуп жатат. Археология эстеликтерин жердин астынан да, үстүнөн да жолуктурууга болот. Жер астында жаткан эстеликтер бир кыйла арбын, анткени алардын көбү, мисалы тургун жайлар, шаар-кыштактар бир кезде жашоочулары тарабынан калтырылып кеткен же кол салган душмандар тарабынан талкаланган, ал эми узак мезгилдердин өтүүсү менен бул жайлар көмүлүп калып, азыркы мезгилде биз аларды айдоо талааларынын ортосунда, айыл кыштактардын арасында, тоо этектеринде, сайлардын, дарыялардын жээктеринде өзгөчөлөнүп көрүнүп турган чоң-кичине дөбөлөр түрүндө гана жолуктурабыз.

Өткөн кылымдын 70-80-жылдарынын аралыгында окумуштуу-археологдор Кыргызстандын Түштүк аймагында 600 дөн ашык археологиялык эстеликтин жайгашкан

жерлерин, алардын кайсыл доорлорго таандык экендигин аныкташып, бул эстеликтер жергиликтүү жана борбордук бийлик органдары тарабынан кабыл алынган атайын токтомдордун негизинде мамлекеттик коргоого алынган болчу. Кабыл алынган токтомдордо жергиликтүү архитектура бөлүмдөрү, колхоз-совхоздор жана курулуш уюмдары айдап-себүү жумуштарын жүргүзүүдө, жол куруу, жерге жайгаштыруу, үй-жай куруу жумуштарын пландаштырууда, оңоп-түзөөдө жана аймактарды көрктөндүрүүдө Кыргыз ССРинин «Тарыхый жана маданий эстеликтерди коргоо жана пайдалануу жөнүндөгү» мыйзамынын талаптарын эске алууга милдеттендирилишкен. Атайын талапка ылайык тарыхый-маданий эстеликтердин сакталып корголуусуна жана абалына бул эстеликтер аймагында жайгашкан айылдык кеңештер, чарба жана ишкана жетекчилери жоопкер болуп дайындалышкан болчу. Бирок Союздук мамлекет урап Республикабыз эгемендүүлүккө жетишкенден кийинки жыйырма жыл аралыгында жүз берген окуялардын капшабы бул эстеликтердин абалына да тийгенин, аларды мындан ары коргоого, сактап калууга байланыштуу маселелер өтө курчуганын, тез аранын ичинде жана ыкчамдуу түрдө чаралар көрүлбөсө бабаларыбыздан калган дагы көптөгөн мурастардан кол жууп калуубуз мүмкүндүгүнө бул эстеликтерди коргоого байланышкан ЮНЕСКО тарабынан колдоого алынган долбоорду аткаруунун үстүндө иштеп жатып ынандык. Байкоо жүргүзүү убагында белгилүү болгондой Ош облусунун жети районунун бири болгон Кара-Суу районунун аймагында гана, өткөн жылдар аралыгында 17 археология эстелиги толук талкаланып жок болгон, мындан сырткары, тарыхый-маданий мурас катары мамлекеттик коргоодо турган бир нече дөбөнүн аймагы айыл-район чиновниктери тарабынан үй-жай куруу үчүн элге



болуун берилген. Натыйжада биринчи кезекте район эли, Ош жергеси, жалпы эле Республикабыз кылымдар бою өз изилдөөчүлөрүн күтүп, элибиздин байыркы тарыхы жөнүндө баалуу маалыматтарды берүүсү мүмкүн болгон илимий маалыматтардан айрылдык. Бул райондун айыл-аймактарынын чегинде жайгашкан дагы 10го жакын дөбө-эстеликтин көөлөрүнүн аймагына бак-дарак олтургузулуп, көөлөрүнүн топурагы жергиликтүү калк тарабынан кыш куюу,там шыбоо сыяктуу максаттарда пайдаланылып жана ташылып кетип жаткандыктан жок болуу коркунучунда турат. Ушундай эле көрүнүштөр Ноокат (Темир -Корук эстелиги), Өзгөн (Түндүк Куршаб шаар урандысы эстелиги), Кара -Кулжа (Пор айылындагы көрүстөн) райондорунда жана Ош шаарында (Мырзалым -Дөбө, Ак Буура шаарчасы, Өзгүр эстеликтери) байкалып жатат. Бул эстеликтердин арасында мурда Союздук маанидеги эстеликтердин, 2002-жылдан бери Кыргыз Өкмөтүнүн атайын токтомунун негизинде республикалык маанидеги тарыхый жана маданий эстеликтердин тизмесине катталган «Коргошун -Дөбө шаар урандысы» да бар. Жергиликтүү бийлик өкүлдөрүнүн кайдыгер мамилесинен улам Совет доорунан бери мамлекеттик коргоодо турган бул эстеликтин аймагын акыркы эки-үч жылдан бери Кара-Суу районунун Ак -Таш айыл округунун тургуну дыйканчылык максатта колдонуп келе жатат, натыйжада эстеликтин миңдеген жылдарга таандык маданий катмары бузулуп, элибиздин байыркы тарыхы жөнүндөгү баалуу илимий маалыматтар жок болуу коркунучунда турат.

Эстеликтерди сактап калуунун маанилүүлүгүн, алар жалпы элибиздин, мамлекетибиздин кол тийгис менчиги экендигин, ата бабалардан калган мурас катары келечекте изилдешип элибиздин байыркы тарыхы жөнүндө баалуу маалыматтар белгилүү болоорун, келечекки муундар үчүн

манилүүлүгүн айтып түшүндүрүүгө жасаган аракеттерибизди жергиликтүү калк түшүнүү менен кабыл алып, мектептерибиздин дээрлик баары өз айылында, үйүнүн жанында жана чектеш аймактарда жайгашкан эстелик-дөбөлөргө көз салып турууга макулдуктарын берип жатышат. Алар бул эстеликтерди сактап калуу жалпы элибиз, мамлекетибиз үчүн гана эмес, өз балдары жана жакындары үчүн да манилүүлүгүн түшүнүп жатышкандыктарына ынанып жатабыз. Эстеликтерди сактоо жаатында пайда болгон көйгөйлөр көпчүлүк учурда жеткиликтүү маалыматтын жоктугунан, аларды коргоо жаатындагы мыйзамдар жөнүндө көпчүлүк калк гана эмес, малекеттик кызматкерлер да кабарсыз экендигинен жана айыл өкмөттөрүнүн кызматкерлеринин, айрыкча айыл өкмөттөрүнүн жерге жайгаштыруу адистеринин кайдыгерлигинен пайда болуп жаткандыгына көзүбүз жетти. Облустун аймагындагы байыркы эстеликтер жөнүндө кеңири коомчулук азырынча жеткиликтүү маалыматтарды ала элек болгондуктан, жалпы калайык калктан, биринчи кезекте дыйкандардан, жергиликтүү бийлик органдарынын кызматкерлеринен, айыл башчыларынан, мектеп мугалимдеринен жана окуучуларынан суранаарыбыз – **өз аймагыңыздардагы дөбө жана дөбөчөлөргө көз сала жүрүңүздөр, аларды талкалоого жол бербеңиздер, келечекте аларды изилдөөнүн натыйжасында алынуучу илимий маалымат жалпы кыргыз элине, биринчи кезекте өзүңүздөргө, бала-бакыраңыздарга, урпактарыңыздарга руханий азык болуп кызмат кылат. Республикабыз жакынкы жылдары бутуна турат, элибиздин турмушу оңолот, ата-баба мурастары иреттүү түрдө изилдене баштоочу мезгил алыс эмес, бирок ошого чейин бул эстеликтерден айрылып калсак, эртең эле артка кылчайып**



**өз ата-бабаларынын мурастарына назар салууга, аны аңдап билүүгө, улантууга, байытууга аракеттенүүчү урпактарыбыздын турмушу толук кандуу болбой калат.** Ар бир элдин маданияты ал элдин ата бабаларынын кылымдар жана миңдеген жылдар бою жараткан көп кырдуу иш-аракеттеринин, ар түрдүү окуяларга бай тарыхынын натыйжасы болгондуктан, аталган эстеликтерге зыян келтирүү ата-бабаларыбыздын арбактарына акаарат гана келтирбестен, өз келечегибизге да зыян келтирүү, өз тарыхыбызды жерүү менен барабар. Сөз болуп жаткан эстеликтерге билип –билбей зыян келтирип койгон учурларда (дөбөлөрдү тегиздеп айдоо аянттарына айлантуу, эгин себүү, бак-дарак олтургузуу, курулуш иштери үчүн топурак алуу ж.б.) кээ бир инсандардын күтүлбөгөн кырсыктарга кабылып жатуусу да жөн жеринен болуп жатпаса керек деген ойдобуз, мындай окуялар жөнүндө облустун аймагындагы бир нече айыл-кыштактардын тургундарынан уктук. Эстелик-дөбөлөргө зыян келтирген учурда жүз берген кайгылуу окуялар жөнүндө уламыштар эл арасында көп эле айтылып жүргөндүгү да белгилүү. Анткени ар бир эстелик өзүнүн катмарында кылымдар бою жыйналып биз аңдай албаган түрдө уюлдашкан оң жана терс энергияны сактап турат жана анын тынчын алып зыян келтирилгенде жооп катары жогоруда айтылгандай көрүнүштөр жүз берип, күнөөлүүлөр ар кандай кырсыктарга кабылып калуусу мүмкүн.

Ата-баба мурастары 1999-жылы жарыяланган «Тарыхый-маданий мурастарды коргоо жана пайдалануу жөнүндөгү» Кыргыз Республикасынын Мыйзамы жана башка укуктук-ченемдик актылар аркылуу мамлекет тарабынан корголоорун, аларга зыян келтиргендер Кылмыш-жаза кодексине ылайык эртеби-кечпи өз жазаларын аларын эсте тутуубуз керек. «Тарыхый маданий

мурастарды коргоо жана пайдалануу жөнүндөгү» мыйзамда баса белгиленип кеткен кээ бир жагдайларга токтоло кетели: мыйзамдын талаптарына ылайык Кыргыз Республикасынын аймагындагы баардык археологиялык эстеликтер мамлекеттин гана менчиги болуп эсептелинет, алар эсепке алынганбы же жокпу баары бир башталышынан эле маданият эстеликтеринин статусуна ээ болот, милдеттүү түрдө корголот жана эч качан менчиктештирилбейт...Эстеликтерди коргоо жана пайдалануу жаатындагы маселелер Кыргыз Республикасынын Өкмөтү, ошондой эле жергиликтүү мамлекеттик администрациялар жана жергиликтүү өзүн өзү башкаруу органдары тарабынан ишке ашырылат... Жергиликтүү бийлик органдары мыйзамга ылайык өздөрүнүн аймагында тарыхый-маданий мурас объекттерин издеп табууну, эсепке алууну, коргоону, реставрациялоону жана пайдаланууну, аларды коргоо жана пайдалануу жөнүндө мыйзамдардын сакталышын камсыз кылууга милдеттендирилишкен. Тилекке каршы азыркы мезгилде алар (бийлик органдары) бул жаатта өз милдеттерин дээрлик аткарбай жатышат. Ошондуктан, кеч болуп кала электе, ата-бабаларыбыздан калган мурастарды өзүбүз коргоого алып, аларды сактоого бүт аракетибизди жасообуз зарыл.

Жаңы археологиялык ачылыштардын көпчүлүк бөлүгү жергиликтүү калктын берген маалыматтары, алардын тикелей жардамы аркылуу иш жүзүнө ашып келүүдө, мындан ары да айыл калкы илимий мекемелерге мүмкүнчүлүктөрүнө жараша канчалык дилгирлик менен жардам берип турушса, байыркы эстеликтерди коргоп, сактап калуу ошончолук натыйжалуу болот. Кичинеси болсун, чоңу болсун бардык эстеликтерди сактоо керек, анткени илим үчүн алардын мааниси бирдей. Кичинекей эле дөбөнүн астында ири шаарлар менен кыштактардын



калдыктары болуп калуусу мүмкүн, анча байкалбаган же чоң дөбөлөр, таш тосмолор байыркы бабаларыбыздын мүрзөлөрү болуп чыгуусу мүмкүн. Башка бирөөлөр кандайдыр максаттарда дөбөлөрдү -байыркыдан калган ата баба мурастарын бузуп жатышса мындай аракеттер мамлекетибиздин мыйзамдары менен жазаланаарын түшүндүрүү керек. Мурда эле белгилүү болуп, мамлекеттин коргоосунда турган дөбөлөрдүн,шаар-кыштактардын урандыларынын же аска-таштардагы сүрөттөрдүн сакталышына көмөк корсөтүүдөн тышкары жергиликтүү эл, мектептердин педагогикалык жамааттары жана окуучулар жаңы табылгандарын сактоого жана изилдөөгө жардам берүүлөрү керек,анткени жаңы археологиялык эстеликтер ар түрдүү кырдаалда табылып калуусу мүмкүн. Мисалы, жер айдоо учурунда эстеликти айланадагы тектерден оңой эле айырмаланып турган маданий катмарлардан (топурактын өзгөчө түсүнөн), байыркы буюмдардын калдыктарынан,курулуш издеринен байкоого болот, ал жерлер топурактын сыртында эч качан билинбейт. Төмөндө ушул китепченин башында эске алынган устатыбыз, жумуштуу-археолог Петр Никитович Кожемяконун Байыркы эстеликтер табылган учурда эмне кылуу керек экендигин баяндаган кеңештери жөнүндө кыскача айтууну ылайык таптык: Байыркы эстеликтер-дөбөлөр - мурда эл жашаган кыштактар, шаарлар же көрүстөндөр жер айдоо жана башка жумуштарды аткарып жаткан мезгилде байкалып калса иштин улантылышы аларга зыян келтирип жойот же табылгаларды жок кылып жиберет,ошондуктан адис-археолог келгенче жумушту токтотуп,же жумушту эстеликтерге зыян келтирбегидей кылып жүргүзүү зарыл. Жаңы табылга жөнүндө мамлекеттик мекемелерге же музейлерге билдиргенде анын табылган ордун толук

көрсөтүү жана адис барганда жолуга турган кишинин аты жөнүн билдирүү керек.

Эгер табылга (эстелик) капысынан табылып, жер айдоо жумушу токтотулууга мүмкүн болбосо, жумушчулардын бирөө табылган эстеликтин түзүлүшүнө көз салып, анын түзүлүшүн жана чиймесин, ошондой эле табылып жаткан буюм-теримдерди дааналап жазып аларды музейге жөнөтүү керек. Казып алынып жаткан эстеликке археолог эмес киши көз салып жаткан учурда төмөнкү маалыматтарды топтоо керек: буюмдар жалгыздап табылган кезде -ал кандай тереңдикте жатканын, топурактын кандай катмарынан-чопого, кумга же башкага аралаш табылгандыгын, буюм табылган жерде башка түстөгү катмардын бары-жогун, анда күл, көмүр, күйгөн топурак, чоподон жасалган идиштин сыныгы, адамдын, жаныбарлардын сөөктөрү болгон-болбогондугун белгилөө керек.

Көргө коюлган кишинин сөөгү табылган кезде көмүлгөн жеринин сыртындагы (жердин үстүндөгү) өзгөчөлөнүп көрүнүп турган нерселер-дөбө, коюлган таштардын бары-жогу, көрүстөн курулуштарынын калдыктарынын (жабылган жыгачтар, мүрзөнүн казанагын жапкан таш плиталар ж.б.) сакталып калышына же сакталып калбоосуна, сөөк кандай тереңдикте жана кандай абалда коюлганына (мисалы, башы батышка, буттары чыгышка карата, чалкасынан коюлганбы же бутары бүгүлүп оң-сол капталы менен коюлганбы, колдорунун абалы: көкүрүгүнө кайчылаштырып же сундурулуп коюлганбы), көрүстөндөн кандай буюмдар табылгандыгына, алар сөөктүн кайсы жагынан орун алгандыгына, ар бир буюмдун кандай абалда жаткандыгына көз салуу керек.

Эгер кыштактардын, турак жайлардын маданий катмары байкалып калса анын калыңдыгын, узундугун



(көмүлүп жатышын), кандай катмарлардан (сынган кыштар, көмүр, чопо ж.б.) тургандыгын көрсөтүү зарыл.

Таштар менен аскалардын боорлоруна тартылган (чийилип же оюлуп) сүрөттөр, түшүнүксүз тамгалар менен жазылган жазуулар жөнүндө билдирүү жасаганда сүрөттөрдүн кандай мазмунда экендигин, алардын санын, жазуулардагы тамгалардын, саптардын санын жана башка өзгөчөлөнгөн белгилерин көргөзүү керек.

Жерге катылып коюлган буюмдардын же тыйындардын жыйындысы (кенч) табылып калса, анда табылган тыйындар кандайдыр бир идишке (кумура жана башка) салынып коюлганбы же чүпүрөккө оролуп коюлганбы, табылган башка буюмдар өз ара кантип болсо да байланыштырылганбы, же бири-бирине салынып коюлганбы, ушуларды белгилеп койуу керек.

Археологиялык эстеликтерди сактоонун негизги эрежелери ар бирибиздин колубуздан келет. Маселен, талаада чопо идиш калдыгы, металл сыныктары табылса жакынкы музейине жайгаштыруу, эгер музей болбосо тарых мугалимине тапшыруу, өзүнчө дөбө болуп сакталып калган байыркы турак-жайлардын, айыл-кыштактардын урандыларынын аймактарынан топурак албоо, мындай эстеликти коргоп, бузулуудан сактоо; таштагы жазуу-сүрөттөрдү таш менен чегип бузбоо... Археологиялык эстеликке бузулуу коркунучу туулса ушул китепчеде көргөзүлгөн даректерге, музей кызматкерлерине, жергиликтүү бийлик органдарына кайрылуу. Биринчи кезекте ушул эрежелерди аткара алсак гана биз өзүбүздү ата-мурастарына кайдыгер карабаган, мекенчил адам катары сыпаттай алабыз. Эскерте турган нерсе – эреже өз ыктыяры менен, берилгендик менен аткарылышы керек.

Ата-баба мурастарын коргоодогу орчундуу маселелердин бири жаш муундарга тарбия берүү менен

байланыштуу. Себеби жаш мектеп окуучулары айлана-чөйрөсүндөгү ата-мурасты тааныса гана ал келечекте аталган эрежелерди аткарып, кийинки ини-карындаштарына үлгү боло алат. Ошентип муундан-муунга уланып кетүүчү ыйык салт калыптанат. Буга чейин мурас сактоо боюнча зор жумуштарды өз ыктыяры менен аткарган үлгү болчу агай-эжейлерди да биле жүрүшүбүз керек. Мисалы, өткөн кылымдын 60-80 жылдары, Таласта Р.Я. Рысакова, Ысык-Көл жана Чүй жергесинде Н.Д. Черкасов жана В.М. Гапоненко, Ош шаарында Е.В. Дружинина сыяктуу демилгечилер мектеп окуучулары үчүн аймак таануу ийримдерин уюштурушуп, жаштарга байыркы эстеликтер жөнүндө кеңири маалыматтарды тартуулашкан. Натыйжада, эстеликтерди сактоо жана үйрөнүү иш чараларына окуучулар жигердүү катышып, эс алуу мезгилдеринде окуучулардан түзүлгөн чакан топтор өз кичи мекенинин аймактарына жүрүштөрдү уюштурушуп, көптөгөн жаратылыш жана тарыхый эстеликтер менен жакындан таанышкан, алар жөнүндө маалыматтарды жыйнашкан. Ушундай жүрүштөр кезинде эстеликтер жөнүндө топтолгон маалыматтардын айрымдары бүгүнкү күндө илимий изилдөө иштери үчүн пайдаланылууда.

Мындан сырткары айыл-кыштактардагы жана райондордун борборлорундагы мектептерде аймак таануу музейлери уюштурулуп, алардын дээрлик баарынын экспозициялары окуучулар тарабынан жыйналган буюм-теримдердин жардамы менен түзүлчү. Мисалы Баткен облусундагы Баба агайыбыз өз демилгеси менен мектепте музей түзгөн. Музейде айыл тегерегинен табылган чопо идиш калдыктары, элдин өткөн турмушунан кабар берген эски буюмдар жайгаштырылган. Тубаса мураскер өз жерине ушунчалык берилгендиктен чыгармачылыгы артып, ата-мурастар, айыл жергеси тууралуу китеп жазган. Бирок,



[illegible] жылдары музейлердин иш жүргүзүүсү ар кандай [illegible]дөн улам өз натыйжалуулугун жоготуп, көптөгөн [illegible] бою акырындап жыйналган археологиялык жана этнографиялык буюм-теримдер кароосуз калууда жана [illegible]. Бул жерде эң негизги кемчилик –мектеп музейлерин түзүүдө муундан-муунга уланып кетүүчү эстафетанын жоктугу. Аларды түзгөн мугалимдердин [illegible] кетүүсү же пенсияга чыгуусу менен музейлердин [illegible] солгундап кетип жатат же иши токтоп калып жатат. Мындай көрүнүш Кыргызстандагы көпчүлүк мектеп музейлерине мүнөздүү бойдон калууда.

[illegible] учугу кур эмес, жергиликтүү калкыбыздан [illegible] атуулдарыбыз бүгүнкү күндөрдө да археология эстеликтерин сактоого колдон келген көмөктөрүн [illegible]. Мисалы,2011-жылдын апрель айында Базар-Коргон районундагы Кеңеш айыл өкмөтүнүн жашоочусу [illegible] Орозбек аксакалдын жардамы менен маданий [illegible] 3 миң жылдык тарыхты камтыган эстелик [illegible]мамлекеттик каттого алынды. Келечекте бул эстелик [illegible] байыркы жана орто кылымдардагы маданиятынын калыптанышы жөнүндө кызыктуу маалымат [illegible] ишенимдүү далилдер бар. Орозбек аксакал эстеликти бир канча ирет талкалоодон сактаган, натыйжада бул аксакалдын күжүрмөн аракети жалпы журтубузга [illegible] илимий-руханий булак алып келип олтурат. Үлгү [illegible] турган өрнөктүү мисал. Дагы бир мисал, 2010-жылдын [illegible] айларында Кара-Суу районунун Шарк айыл өкмөтүнө караштуу эгин талаасын айдоо учурунда диаметри 2м, тереңдиги 1,5м. келген аң ачылып, карапа идиштеринин сыныктары жана мал жандыктарынын сөөктөрү чыккан. Айыл тургуну С. Сатаров Ош облусунун мамлекеттик администрациясына кабарлаган соң, тиешелүү адистер

барып, бул байыркы археологиялык эстелик экендиги аныкталды.

Археологиялык табылгалар аркылуу районго гана аты белгилүү болгон чакан айылдар өлкөбүзгө гана эмес бүт дүйнөгө таанылуусу адаттан сырткары көрүнүш эмес. Буга мисал катары 2005-жылы Өзгөн районуна караштуу Шагым айылынын четинде жүз берген окуяны айтсак болот. Топурак казып алчу карьерден жергиликтүү тургундар тапкан буюмдар өтө байыркылыгы менен өзгөчөлөнүп, Борбордук Азиянын башка аймактарында жашаган элдердин маданияты менен тыгыз байланышта болгондугу менен окумуштууларды таң калтырды. Шагымдан табылган буюмдар коло доорунун баштапкы убактарына, башкача айтканда биздин заманга чейинки III миң жылдыктын аягы жана II миң жылдыктын башына таандык болуп чыкты. Ушундай эле табылгалар аркылуу Өзгөн районундагы Шоро-Башат айылынын, Баткен облусундагы Кара-Булак айылынын аттары бүт дүйнөгө белгилүү болуп олтурат.

Байыркы таш доорунан ушул күндөргө чейин кылым карытып келген ата-баба мурастарынын убактылуу көр-тириликтин айынан талкаланып жок болуусуна жол бербейли, жалпы журтубуз менен, кары-жаш дебей, бийлик өкүлдөрү тараптан эч кандай көрсөтмөлөрдү күтпөй эле бул табериктерди коргойлу, алар жөнүндө кам көрүп келечекки муундарыбызга өткөрүп берели.



## Жаңы эстелик табылган учурда төмөнкү даректорго кабар берүү керек:

- ***Айыл өкмөттөрү.***
- ***«Сулайман-Тоо» улуттук тарыхый-археологиялык музей комплекси:***

  *Ош шаары, Курманжан-Датка көчөсү.*

  *Байланыш телефондору: 03222 2-29-68; 03222 2-71-32.*
- ***Ноокат райондук тарых музейи:***

  *Ноокат шаарчасы, Райондук маданият үйү.*
- ***Курманжан-Датка атындагы Алай райондук тарых музейи:***

  *Гүлчө айылы, Курманжан-Датка көчөсү*
- ***Өзгөн археологиялык-архитектуралык комплекси:***

  *Өзгөн шаары, Ленин көчөсү.*
- ***«Тарыхый-маданий изилдөөлөргө жана демилгелерге көмөктөшүү борбору» коомдук фонду.***

  *Ош шаары, тел: 0773 76 93 29*
- ***КРнын УИАнын Түштүк бөлүмү, Тарых, археология жана этнология бөлүмү.***

  *Ош шаары, Д. Садырбаев көчөсү 105.*
- ***ОшМУнун тарых-юридика факультети.*** *Ош шаары.*

## Ош облусундагы археологиялык эстеликтердин тизмеси

Төмөндө Ош облусунун аймагында жайгашкан Республикалык маанидеги археологиялык эстеликтердин мамлекеттик тизмесин маалымат иретинде тиркөө менен *(эскертүү: эстеликтердин катар номурлары КРнын Өкмөтүнүн токтому боюнча коюлган)*, төмөнкү абдан маанилүү жагдайды эске алууңуздарды суранабыз: тизмеде аталган эстеликтерден сырткары 1981-1982-жылдары эл депутаттарынын райондук кеңештери тарабынан жергиликтүү маанидеги эстеликтердин тизмеси бекитилген болчу. Кыргыз Республикасынын «Тарыхый маданий мурастарды коргоо жана пайдалануу жөнүндөгү» 1999-жылы кабыл алынган мыйзамынын талаптарына ылайык жергиликтүү бийлик органдары жогоруда аталган эстеликтерди кайра карап чыгып жана толуктап жаңы тизмесин түзүүгө жана бекитүүгө тийиш эле, бирок тилекке каршы бул талап али күнгө чейин аткарыла элек. Ошондуктан, кичи мекениңизде Сиздин көзгө бала чактан тааныш дөбөлөр жана дөбөчөлөр, аска-таш беттерине чегилген сүрөттөр ж.б. мурастар болсо аларды биз жогоруда кеп кылган эстеликтердин катарында деп билиңиз жана башкаларды да бул табериктерди көздүн карегиндей сактоого чакырыңыз.



| № | Аталышы | Мезгили | Жайгашкан орду |
|---|---|---|---|
| I | II | III | IV |
| | | **Ош шаары** | |
| 342 | Ак-Буура чеп-шаарчасы | I –V кк., IX- XII кк. | Ош шаарынын түштүк четинде, Ак-Буура суусунун сол жээги |
| 343 | Сулайман-Тоо тарыхый-маданий жана жаратылыш музей-заповедниги:<br>Ош тургун-жайы<br>Сулайман-Тоо петроглифтери<br>Мечо | <br><br>Б.з.ч. XII-VIII кк.<br>Б.з.ч. II-I миң жж.,<br>X- XV кк.<br>X-XVI-кк. | Ош шаары<br><br>Сулайман-Тоосу<br>Сулайман-Тоосу<br><br>Сулайман-Тоонун этеги |
| | | **Алай району** | |
| 354 | Жалпак-Дөбө коргончосу | IV-V кк. | Сары-Таш айылынан 25 км, Алай өрөөнүнүн чыгыш тарабында, Демей капчыгайы |
| | | **Араван району** | |
| 357 | Эски Араван шаарчасы | Б.з.ч. IV к.- б.з. I к.; IX-X кк. | Араван дарыясынын оң жээги |
| 358 | Кыдыр-Дөбө шаарчасы | Б.з.ч. I кк. | Араван дарыясынын сол жээги, Тепе-Коргон айылынын батыш чети |
| 359 | Дөбө-Коргон шаарчасы | IX-XII кк. | Тепе-Коргон айылынан түштүк-батышта |

| | | | |
|---|---|---|---|
| 360 | Араван аска бетиндеги сүрөттөр | Сак-усун доорлору | Араван айылы |
| 361 | Сасык-Үңкүр тургун жайы | Мустье (б.з.ч. 25-20 миң. ж.) | Араван айылы, Араван үңкүрлөр тобу |
| 362 | Түндүк-Араван шаарчасы | Б.з.ч. I к.- б.з. I к., IX-XII кк. | Араван дарыясынын сол жээги, Араван айылынан түндүктө |
| **Кара-Суу району** | | | |
| 364 | Коргошун-Дөбө шаарчасы | Б.з.ч. I кк. – б.з. I кк. | Ош-Кара-Суу авто жолунун 14 чакырымы |
| 365 | Мады шаарчасы | I-IV кк.-XII к. | Мады айылынын чети |
| 366 | Хожамбак шаарчасы | Б.з.ч. I кк.- б.з. Iкк. | Кожомбак айылынан түштүктө |
| 367 | Кашкар-Кыштак шаарчасы | Б.з.ч. I кк.- б.з. I кк.; IX-XII кк. | Кашгар-Кыштак айылынын түндүк-батыш тарабы |
| 368 | Кыргыз-Чек шаарчасы | Мезгили тактала элек | Кыргыз-Чек айылы |
| 369 | Ак-Дөбө шаарчасы | Б.з.ч. III к.- б.з. IV к. | Кызыл-Кошчу айылынан 500 м түндүк-чыгыш чети |
| 370 | Бөрү-Дөбө шаарчасы | Б.з.ч. I-к.- б.з. I к. | Агартуу айылынын түндүк-батыш четинде |
| 371 | Дөбө I (3 дөбөдөн турган топ) | Б.з.ч. I к.- б.з. I к. | Кожомбак шаарчасынын батыш тарабы |
| 372 | Дөбө (3 дөбөдөн турган топ) | Б.з.ч. I к.- б.з. Iк. | Чагыр айылы |
| 373 | Агартуу шаарчасы | Б.з.ч. III-к.- б.з. IV к. | Агартуу айылынын түштүк-батыш чети |



| | | | |
|---|---|---|---|
| 374 | Кызыл-Шарк (Савай) шаарчасы | Б.з.ч. I к.- б.з. Iк. | Кызыл-Шарк айылынын чыгыш тарабы, Ош-Бишкек автожолунун 29 км оң тарабы |
| 376 | [illegible]-Дөбө шаарчасы | Б.з.ч. I миң ж.- б.з. X-XII кк. | Кыдырша айылы - Кызыл-Шарк айылы |
| 377 | Мазар-Дөбө | IV к. – V к. | Савай айылынын чыгыш чети |
| 378 | Мирзалим-Дөбө I | Б.з.ч. III к. – б.з. I к. | Ош-Памир автожолунан 1 км сол тарапта |
| 379 | Мазар-Дөбө | I к. | Ош- Бишкек автожолунун 31 км сол тарапта |
| 380 | Талайкан (Өзгүр IV) көрүстөнү | Мезгили тактала элек | Ак-Буура дарыясынын сол жээгинде, адырларда |
| 381 | Сүрөттүү-Таш (Айрымач-Тоо) [illegible] таш бетиндеги сүрөттөр | Байыркы түрк доору | Ош шаарынын түндүк-батыш тарабы, Күрпө-Тоо тоосунда |
| 383 | Савай шаарчасы | I к. | Савай айылынын түштүк чети |
| 384 | [illegible]-Дөбө | Б.з. ч. I кк.-б.з. I кк.; X-XII кк. | Кызыл-Кошчу айылынан 500 м түндүк-чыгыш тарапта |
| 385 | Шиш-Дөбө | Б.з.ч. I кк.-б.з. I кк. | Чагыр айлынын батыш четинде |
| **Ноокат району** | | | |
| 387 | Кандай шаарчасы | Б.з.ч. I к.; IX- XII кк. | Кандай айылы, Кыргыз-Ата жана |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | | Мундарчи дарыялары кошулган террасада |
| 388 | Шор-Дөбө шаарчасы | I-V кк. | Муркут (Меркит) айылынын түндүк чети |
| 389 | Жалпак-Дөбө шаарчасы | Б.з.ч. I кк. | Меркит айылынын түндүк чети, Шор-Дөбө шаарчасынын катарында |
| 390 | Коргошун Дөбө шаарчасы | IX-XII кк. | Ноокат шаарынын түштүк четинде, Кыргыз-Ата дарыясынын оң жээги, капчыгайдын оозунда |
| 391 | Төө-Моюн тоо-кен иштелип чыгарылган жайы | Мезгили тактала элек | Ноокат шаарынан 10 км түндүктө |
| 392 | Көрүстөн кайрак ташы менен | Орто кылымдар | Жаңы-Ноокат мазары |
| 393 | Көрүстөн кайрак ташы менен | Мезгили тактала элек | Ноокат шаары |
| 394 | Аска таш сүрөттөрү жана жазуулар | Б.з.ч. I миң ж., орто кылымдар | Араван капчыгайы |
| 395 | Темир-Корук тургун жайы | Мезгили тактала элек | Темир-Корук айылы, Жаңы-Ноокат айылынын чыгышында |
| 396 | Эски-Ноокат тургун жайы | Мезгили тактала элек | Ноокат шаарынан түштүк-чыгышы, Кыргыз-Ата дарыясынын оң жээгиндеги бийик террасада |



| | | | |
|---|---|---|---|
| | **Өзгөн району** | | |
| 398 | Шоро-Башат шаарчасы | Б.з.ч. IV-I кк., X-XII кк. | Шоро-Башат айылы, Өзгөн шаарынан 12 км, Жазы дарыясынын оң жээгинде |
| 399 | Жыланды шаарчасы | Б.з.ч. II к. – б.з.III к., XI-XII кк. | Жыланды айылынан түштүк-батышта, Жазы дарыясынын оң жээги |
| 400 | Кызыл-Октябрь шаарчасы | Б.з.ч. V к.- б.з. V к. | Жазы дарыясынын сол жээги, Кеңеш айылынан 1,5 кмде |
| 401 | Кара-Дарыя шаарчасы | Б.з.ч. IV-I кк. | Кара-Дарыянын дарыясынын сол жээгинде, Тар - Кара-Кулжа дарыялары кошулган жерден 500 м түндүк-батышта |
| 402 | Мырза-Аке Дөбөлөр тобу | Б.з.ч. I к. – б.з. I к. | Жазы дарыясынын сол жээги |
| 403 | Зергер Дөбөлөр тобу | Б.з.ч. I к. – б.з. I к. | Зергер өрөөнүндө, Жыланды айылынын түндүк-чыгышы |
| 404 | Соголоң-Кербен-Сарайы | XIV-XVкк. | Кара-Шоро айылынын четинде. |
| 405 | Түндүк-Куршаб шаарчасы | Б.з.ч. IV- I кк., XI- XII кк. | Куршаб айылынын түндүк-чыгышы |
| 406 | Түндүк- Өзгөн шаарчасы | Б.з.ч. IV к.- б.з. III к. | Жазы дарыясынын сол жээги, Өзгөн ш-нан 10 км түндүктө |
| 407 | Өзгөн тарыхый-маданий комплекси: Түндүк Өзгөн | VIII-XII кк. 1152-1153 жж. | Өзгөн шаары |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | күмбөзү<br>- Ортоңку Өзгөн күмбөзү<br>-Түштүк Өзгөн күмбөзү<br>-Өзгөн мунарасы | XI к. башы<br>1187 ж.<br>XI к. экинчи жарымы | |
| 408 | Өзгөн-Арык байыркы каналы | Б.з.ч.III к.- б.з. V к. | Тар -Кара-Кулжа дарыялары кошулган жерден башталат |

***Эскертүү:*** тизмеде көргөзүлгөн кээ бир эстеликтер кийинки жылдары алар жайгашкан аймактын бир райондон экинчи районго өткөрүлүп берилгендигине байланыштуу кайсыл районго тиешелүүлүгү өзгөрүп кеткен. Мисалы – мамлекеттик тизмеде Кара-Суу районунун эстеликтери катары катталган Мырзалым-Дөбө, Озгур эстеликтери азыркы мезгилде Ош шаарынын карамагындагы аймакта жайгашкан... Ушул сыяктуу өзгөрүүлөр башка райондордун эстеликтери боюнча да жолугуусу мүмкүн.



## Археологиялык кээ бир терминдердин түшүндүрмөсү

***Археолог*** - байыркы эстеликтерди изилдөөчү адис.

***Археологиялык эстеликтер*** – өткөн доорлордун тарыхы жөнүндө көп кырдуу маалымат берүүчү материалдык булактар. Тарыхый-маданий мурастардын бир бөлүгү. Алардын түрлөрү жана мааниси жөнүндө китепчеде айтылды. Мазмуну жана жалпы белгилери боюнча тургун жай, турак жай, кыштак-кыштакча, шаар-шаарча, мазар-көрүстөн, аска беттериндеги сүрөттөр, таштагы жазуулар, кокусунан табылган табылгалар, кенчтер ж.б. болуп бөлүнөт. Бул эстеликтердин баары мамлекет тарабынан коргоого алынган.

***Археологиялык казуулар*** – атайын уруксат боюнча археологиялык эстеликтерди изилдөөлөр максатында илимий усулдарды колдонуу менен казуу иштерин жүргүзүү.

***Археологиялык маданият*** - бир доорго таандык жана бир аймакка тараган өзгөчөлүктөрү бар археологиялык эстеликтердин жалпылыгын аныктоо үчүн колдонулуучу түшүнүк. Археологиялык маданияттын бөлүнүшү жана белгилүү бир аттын ыйгарылышы, негизинен эстеликтин жайгашкан орду байыркы замандарда кандайча аталып келгени белгисиз болгон учурларда, биринчи ачылып изилденген эстеликтин же аймактын аты менен аталып калат. Мисалы, адистер тарабынан байыркы маданияттарга ашель, чуст, андрон, шоро-башат деген сыяктуу аттар

берилген. Ашель маданияты эрте палеолит мезгилине мүнөздүү, мындан 800-120 миң жылдыктардын аралыгында жашаган адамдардын колдонгон буюмдары жана куралдары Франциянын Амьен шаарына жакын Сент-Ашель деген жерден табылгандыктан, ушул ат менен байланыштуу. Бул маданияттагы эстеликтер Африкада, алдыңкы жана түштүк-чыгыш Азияда, Батыш Европада жана Борбордук Азияда кездешет. Түштүк Кыргызстандын б.з.ч. IV-I кк. таандык Шоро-Башат айылынын четиндеги шаар урандысы да ушул айылдын аты менен аталып калган. Археологиялык эстеликтер жана табылгалар ушундай таризде бир маданиятка же болбосо доорго таандык экендиги ушундайча мүнөздөлөт.

***Ачык баракча*** - археологдун адистик деңгээлин жана археология эстелигинде казуу жүргүзүү укугун тастыктаган күбөлүк-документ. Уруксат кагазы Улуттук илимдер Академиясынын Тарых жана маданий мурастар институту жана Маданият жана маалымат министрлиги тарабынан берилет, жергиликтүү бийлик органдары тарабынан каттоого алынат.

***Маданий катмар*** - турмуш-тиричилик калдыктарынын ар кандай шартта жер алдында сакталып калган катмары. Адам баласынын жашоо-тиричилигиндеги бардык иш-аракеттеринен калган таштан, чоподон, сөөктөн, металлдан жасалган буюмдар, алардын калдыктары маданий катмарда сакталат. Ар кандай доорлордо адамдардын жашоосунун жана ишмердүүлүгүнүн издери ар кандай мүнөздө



болгондуктан, маданий катмарлар бир-биринен айырмаланып турат. Катмардын калыңдыгы адамдын жашап турган мезгилинин жана ишмердүүлүгүнүн узактыгына байланыштуу. Бир эле эстеликтин чегинде бир канча маданий катмар табылып алардын калыңдыгы бир нече сантиметрден 20-35 метрге чейин жеткен учурлар кездешет. Кээ бир жерлерде адамдар бир нече кылымдар бою жашагандыктан, археологиялык изилдөө учурунда түрдүү доорлорго жана маданияттарга таандык турмуш-тиричилик катмарлары ачылуусу мүмкүн.

*Цитадель* - орто кылымдарда шаар ичиндеги сепил, коргонууга шарт түзүлгөн күчтүү, бекемделип курулган борбордук бөлүгү. Демейде цитаделде шаардын башкаруучу катмары жашап, башкаруу бийлигинин имараттары жайгашкан.

*Шахристан*- орто кылымдарда шаардын борборун (цитаделин) курчап турган бөлүгү. Кол өнөрчүлөр, соодагерлер жана аскер адамдары жашаган жана өнөрчүлүк, соода-сатык иштери жүргүзүлгөн.

*Рабат*- шаардын чет-жакасы- дыйкандар жана башка чарбачылык жүргүзгөн калк жашаган бөлүгү.

## Сунуш кылынган адабияттардын тизмеси:


1. **Аманбаева Б. Э., Сулайманова А. Т., Жолдошов Ч. М** Наскальное искусство Кыргызстана (аналитический историографический обзор). Бишкек, 2009.
2. **Бартольд В. В.** Кыргыз жана Кыргызстан тарыхы боюнч тандалма эмгектер. Бишкек, 1997.
3. **Бернштам А. Н.** Историко-археологические очерк Центрального Тянь-Шаня и Памиро-Алая// МИА, №2 М-Л., 1952.
4. **Джумагулов Ч. Дж.** Эпиграфики Киргизии. Вып. II Фрунзе, 1987.
5. **Галицкий В. Я., Плоских В. М.** Старинный Ош. Фрунз 1987.
6. **Заднепровский Ю. А.** Археологические памятник южных районов Ошской области. Фрунзе, 1960.
7. **Кыргыз тарыхы.** Энциклопедия. Бишкек, 2003.
8. **Кожемяко П. Н.** Байыркы маданият эстеликтери сактайлы. Фрунзе, 1968.
9. **История Киргизской ССР.** Т.1. Фрунзе, 1986.
10. **Малтаев К. Ж.** Сулайман-Тоо- древнейший поднебесны храм в Центральной Азии. Ош, 2000.
11. **Малтаев К. Ж., Адилбаев Ж. А., Насиров Т. А Алымкулов А. К.** Новый памятник древнего искусств урочища Суук-Дөбө //Цивилизации Центральной Ази земледельцы и скотоводы,традиции и современност (Тезисы докладов международной научной конференци Самарканд, 2002.
12. **Осмонов О. Ж., Асанканов А. А.** Кыргызстанн тарыхы (з байыркы доордон азыркы мезгилге чейин)/Жогорку оку жайлары үчүн окуу китеби.-Б., 2001.
13. **Ош областы.** Энциклопедия. Фрунзе.,1987.





**[illegible] К. Ш., [illegible] Р., Москалев М. И.** [illegible] исследования в Алайской долине // Ош и [illegible], [illegible], новое время, культурогенез, [illegible]. Выпуск 4. Бишкек, 2000. 87-93-бб.


## Кыргыз Республикасынын мыйзамдары жана нормативдик укуктук актылары:


Тарыхый маданий мурастарды коргоо жана пайдалануу [illegible] Кыргыз Республикасынын мыйзамы. 29-июнь, [illegible]

[illegible] Республикасынын Жер кодекси. 2-июнь, 1999-ж.

[illegible] Республикасынын Кылмыш-жаза кодекси. 1-[illegible], [illegible] ж.


Кыргыз Республикасынын Администрациялык [illegible] жөнүндө кодекси. 4-август, 1998 ж.

«Тарыхый маданий мурас объекттерин эсепке алуу, [illegible], реставрациялоо жана пайдалануу жөнүндө Жобо». [illegible] август, [illegible] ж.









2

1. Таш доорунa таандык Үйташ-Сай тургун жайы жайгашкан капчыгай.
2. Таш доорунa таандык эмгек куралдары.




Коло дооруна таандык чопо идиштер жана таш куралдар.





Аялдардын кооздук буюмдары. Коло доору.
Алай району, Кара-Тектир жайлоосу.






Аска-таш бетине тарылган жандыктардын сүрөттөрү жана эн тамгалар. Б.з.ч. II миң жылдык.



Көчмөн урууларга тиешелүү эстеликтердин (көрүстөндөр) көрүнүшү.
Б.з.ч. IV к.-б.з. V к. Алай өрөөнү.






I. Байыркы эстеликти (көрүстөндү) изилдөө учуру.
II. Мүрзөнүн ички көрүнүшү. I-V кылымдар.



Айт- Дөбө. Байыркы шаарчанын калдыгы.
Б.з.ч. II-I кк. Кара-Суу району Савай айылы.



Байыркы Гүлчө шаарчасынын калыбына келтирилген көрүнүшү. Б.з.ч. I миң жылдыгы.






Ак-Жар айылындагы байыркы шаарчанын калдыгы.
Кара-Суу району.




Орто-Коргон шаар калдыгын изилдөө учуру (1970 жж.).
Өзгөн шаарынын аймагы. IX-XII кылымдар.





“Коргошун-Дөбө” шаар калдыгы жана анын калыбына келтирилген көрүнүшү. Б.з.ч. I к.-б.з. I-V кк. Кара-Суу району, Жылкелди айылы.





Кыргыз-Чек (Чеч-Дөбө) шаар калдыгы. I-V кк. Кара-Суу району, Кыргыз-Чек айылы.



Байыркы эстеликтер жана ата мурастарын сактоочулар...



Күмбөздөр. XI-XII кылымдар. Өзгөн шаары.



Асаф ибн Бурхия күмбөзү. XVIII кылым. Ош шаары.





"Бабурдун үйү". XVI к. Ош шаары.
1930-жылдардагы сүрөт.


1989-ж. калыбына келтирилгенден кийинки көрүнүшү.





Дароот-Коргон чеби. XIX кылым. Алай району.
Кайдыгерликтин айынан талкаланууда...





Жабырланган археологиялык эстеликтердин абалы...
1. Кара-Суу району, Савай айылы.
2. Кара-Суу району, Чагыр айылы.







Күнүмдүк көр тириликтин айынан талкаланып жаткан ата-баба мурастары.
Кара-Суу районунун Чагыр жана Социализм айылдары.



Кара-Суу районунун Октябрь айылындагы жеке кызыкчылыктын курмандыгына чалынган эстелик.



Ош шаарындагы Мырзалим-Дөбө эстелигинин абалы.







Кара-Кулжа районун Пор айылында байыркы эстеликтин (көрүстөндүн) аймагына бүгүнкү күндө да маркумдардын сөөгүн койуу уланууда...



Кокустан табылган буюмдар (коло күзгүлөр, орок жана косметикалык шаймандар). Б.з.ч. XIX-IX кк.



Ат жабдыктарына тиешелүү буюм-тайымдар. VI-XII кылымдар.



**Жолдошов Чынарбек**

## Тарых табериктери

Редакторлор: *т.и.к. Аманбаева Б.Э.*
*т.и.к. Табалдиев К.Ш.*
Тех. редактор: *т.и.к. Адилбаев Ж.А.*
Корректор: *Айтбаев Т.А.*
Компьютерде жасалгалоо: *Жакыпов Ө.*

Терүүгө 16.08.2011-жылы берилди.
Басууга 02.10.2011-жылы кол коюлду.
Кагаздын форматы 70x90 1\32.
Көлөмү 3,25 басма табак. Нускасы 543. Буюртма №885
«Ошоблбасмакана» АК офсеттик ыкма менен басылды.

Ош шаары. Курманжан датка көчөсү-209

